КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ТАРЫХЧЫЛАР АССОЦИАЦИЯСЫ

Ө. Дж. ОСМОНОВ

# УЛУУ ЖЕҢИШКЕ
# 80 ЖЫЛ!




Бишкек – 2025

УДК 63,3 (Ки)
ББК 947.0
О-90

*Экинчи басылышы*

**Осмонов Ө. Дж.**

О-90 Улуу Жеңишке 80 жыл! Великой победе 80 лет! Окуу куралы; Учебное пособие – Б.: «Мезгил», 2025 – 100 б. (кыр-гыз, орус тилдеринде).

ISBN 978-9967-21-075-25

Окуу куралында Кыргызстандык жоокерлердин Улуу Ата Мекендик согушта фронтто көрсөткөн эрдиктери жана тылдагы эмгекчилердин күжүрмөн эмгеги ошондой эле согуш жылдарындагы республикабыздагы илимдин жана маданияттын абалы баяндалат.

Окуучуларга, студенттерге жана педагогдорго, жалпы эле Кыргызстандын тарыхына кызыккандарга арналат.

О 0503020911-25

ISBN 978-9967-21-075-24

УДК 63,3 (Ки)
ББК 947.0

© Осмонов Ө., 2025

*Совет элинин Улуу Ата Мекендик согушта Жеңишинин 80жылдыгына арналат.*

## АЛГЫ СӨЗ

1945-ж. 9-майда Москва шаарында атылган артиллериялык салют дүйнө элине Европадагы Кандуу согуштун аяктаганын, бул согушта совет эли, анын куралдуу күчтөрү фашисттик Германияны толук талкалаганын даңазалаган.

2025-жылы Улуу Жеңиштин 80 жылдыгы белгиленүүдө. Согуш мезгилиндеги катаал, баатырдык окуялардан алыстаган сайын совет элинин ошондогу эрдиктеринин маани-маңызын, жеңиштин баркын тереңирээк түшүнүп келебиз.

Совет эли жана анын Куралдуу күчтөрү биздин жалпы мекенибиздин эркиндиги менен көз карандысыздыгын коргоп, фашисттик Грманияны жана анын союздаштарын талкалап, жеңишке зор салым кошту. Ошону менен бирге өзнүнүн патриоттук жана интернационалдык милдетин аткарып Европанын элин фашизмдин кулчулугунан куткарды.

Улуу жеңишке кыргыз эли да өзүнүн татыктуу салымын кошту. Согуш талааларында, партизандык кошуундарда, тылдагы кужүрмөн эмгекте кыргыз эли Мекендин эркиндиги үчүн жоопкерчиликтин, гитлердик баскынчыларга каршы жек көрүүнүн үлгүсүн көрсөтүштү.

Улуу Жеңиш күнү-9-май көп муундар үчүн ыйык жана кымбат майрам. Бул күнү жаркын келечек үчүн каармандык менен өмүрүн берген баатыр жоокерлерди сыймык менен эскеребиз. Жыл өткөн сайын Улуу Ата Мекендик согуштун, тылдагы кужүрмөн эмгектин ардагерлеринин катары азайып барат.

Тилекке каршы, соңку жылдары тарыхты бурмалагандар пайда болууда. Биз мындай нерсеге жол бербешибиз керек. Баарыбыз чы-ныгы тарыхты гана даңазалоого, эр жүрөк, баатыр аталарыбыздын, чыдамкай энелерибиздин эрдиктерин, эмгегин эстеп жүрүүгө, Улуу жеңиш менен келген тынчтыкты сактоого милдеттүүбүз.

Кан майданда курман болгон жоокерлерибиздин рухунун алдында башыбызды ийебиз. Кыргызстандык жоокерлердин Москва

шаарынын алдындагы салгылашка катышып, фашистерди артка сүрүп, акыры талкалаган советтик жоокерлердин катарында болуп, эрдиктердин үлгүсүн көрсөткөнү менен ар дайым сыймыктанабыз.

Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхын изилдөө, аны окутуу жана кеңири пропагандалоо, Улуу жеңиштин маанисин, бул жеңишке кыргыз элинин, кыргызстандык жоокерлердин салымын даңазалоо актуалдуу маселе экендиги талашсыз. Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхынын тарбиялык мааниси да өзгөчө маанилүү. Миллионлогон адамдардын өмүрүн алган бул согуштун кесепеттери дүйнөлүк жаңы согуштун чыгышына бөгөт коюп, биздин планетабызда бекем тынчтыктын орношуна, социалдык прогресстин өнүгүшүнө өбөлгө болоору шексиз.



## КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕР АЛГАЧКЫ САЛГЫЛАШУУЛАРДА

Фашисттик Германия 1939-жылы дүйнөлүк экинчи согушту баштап, Европанын бир катар мамлекеттерин: Чехословакияны, Польшаны, Францияны, Бельгияны, Голландияны, Данияны, Норвегияны, Югославияны, Грецияны басып алган. Натыйжада Германиянын экономикалык абалы, согуштук күчү чыңдалган. Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн фашисттик Германия 1941-жылы 22-июнда СССРге кол салган. Ал "Барбаросс" деп аталган планы боюнча Советтер Союзун бир нече жумада эле талкалап, 1941-жылдын кышына чейин СССРдин европалык бөлүгүн толук басып алмак. Адегенде эле фашисттик Германиянын 5,5 млн адамдан турган 190 дивизиясы Совет өлкөсүнө басып кирген. Германия менен СССРге каршы согушка Италия, Финляндия, Румыния, Венгрия, Испания катышкан.

Немецтик-фашисттик баскынчылардын жырткычтык менен кол салышы совет элинин тынч жашоосун дүрбөлөңгө салган. Ошентип, Социалисттик Ата Мекендин көз каранды эместиги жана эркиндиги үчүн Улуу Ата Мекендик согуш башталган.

Согуш жөнүндөгү кабар көп улуттуу совет элинин, анын ичинде кыргыз элинин, кыжырдануусун туудурган. Кыргызстандын бардык шаарларында, айыл-кыштактарда миңдеген адамдар катышкан чогулуштар, митингдер өтүп, аларда жумушчулар, колхозчулар, интеллигенция Ата Мекенди коргоо үчүн күчтөрүн, эмгегин, керек болсо өмүрүн аябай тургандыктарын билдиришкен.

Ар улуттагы, түрдүү кесипте иштегендер кары-жашы дебей аскер комиссариаттарына кайрылышып, фронтко жөнөтүүнү суранышкан. 1941-жылы 22–23-июнунда эле Фрунзе шаарынын аскер комиссариатына ушундай өтүнүч менен 270 арыз түшкөн. Кызыл-Кыядагы шахтадан 250 кенчи фронтко өз ыктыяры менен жөнөгөн. Тянь-Шань облусунун 140 патриот жигиттери аскердик комиссариатка келишип, аларды тезирээк фронтко жөнөтүшүн талап кылышкан.

Кыргызстандык жоокерлер согуштун биринчи күнүнөн эле фашисттик баскынчылар менен баатырларча кармаша баштunion кан. Чек арадагы Брест чебин коргоо Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхындагы маанилүү барактардан болуп калган.



Н.М. Дмитриев

**Дмитриев Николай Михаилович**

1917-жылы Оренбург облусунун Ново-Орск районундагы Кумак айылында туулган. Кыргызстанга - Фрунзе шаарына көчүп келип, 1937-жылы Кызыл Армияга чакырылган. Катардагы жоокер. Танкага каршы замбиректин наводчиги.

Согуш башталган 1941-жылдан тартып, Батыш фронтунда катышкан. Танкалык атаканын мизин кайтаргандагы баатырдыгы жана эрдиги үчүн 1941-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

Жарадар болуп айыккандан кийин кайра фронтко барып согуштун аягына чейин аскердик милдетин аткарган. Согуштан кийин Советтик Армиянын катарында офицер болуп кызматын уланткан. 1981-жылы каза болгон.

---

Жоокерлер бир айдан ашык убакыт бою чепти душманга бербей кармап турушкан. Алардын арасында кыргызстандык Ш. Чекаев менен В. Фурцев болгон. Мурда Фрунзе шаарында иштеген **Н. М. Дмитриев** 1941-жылы 10-июлда Белоруссиянын Борисово шаарын коргоодо душмандын эки танкасын талкалаган. Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн ал 1941-жылы 31-августта кыргызстандыктардан биринчи болуп Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

Кыргызстандын өкмөтү согуштун биринчи күнүнөн эле калкты аскердик жактан окутууга, аскердик бөлүктөрдү түзүүгө киришкен. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1941-жылы 22-июнундагы Указына ылайык өлкөдө аскерге милдеттүүлөрдү жалпы мобилизациялоо иши башталган. Бул иштин жүрүшүндө Кыргызстанда 385-аткычтар дивизиясы, кийин 40- жана 153-аткычтар бригадалары, 2 улуттук атчандар дивизиясы түзүлүп, алар республиканын өнөр жай ишканалары жана колхоздору тарабынан жабдылган.

Булардын ичинен согушка биринчи болуп Кыргызстандын аскер комиссары генерал-майор **И. В. Панфилов** командалык кылган 316-аткычтар дивизиясы кирген. Бул дивизия Казакстан менен Кыргызстандын өкмөттөрү тарабынан түзүлгөн. Дивизиянын курамы ушул эки республиканын дыйкандарынан, жумушчуларынан жана кызматкерлеринен турган. Анда казак, кыргыздардан тышкары орустар, украиндер ж. б. улуттардын өкүлдөрү болгон. Москваны коргоо үчүн 1941-жылы ноябрда болгон согушта бул дивизиянын жоокерлери өздөрүнөн төрт эсе күчтүүлүк кылган душ-

**Панфилов Иван Васильевич**

1893-жылы Саратов облусунун Петровск шаарында туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. 1918-жылы Кызыл Армияга чакырылган. Генерал-майор. 316-аткычтар дивизиясынын командири.

1915-жылдан орус армиясында кызмат өтөгөн. 1918-жылы атактуу командир В. И. Чапаевдин командачылыгындагы 25-аткычтар дивизиясына кошулган. 1-Саратов советтик полкто өз ыктыяры менен аскер мектебин бүткөн. 1924-жылы Туркестанга жиберилген. 1938-жылдан Кыргыз ССРинин аскер комиссары болгон. Согушта көрсөткөн жекече эрдиги, демилгеси жана командачылардын тапшырмаларын эң мыкты аткаргандыгы үчүн курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.Сөөгү Москвадагы Новодевичье көрүстөнүнө коюлган.



И. В. Панфилов

---

ман менен кармашкан. Бир ай бою өздөрүнүн чегин бекем кармоо менен дивизиянын бөлүктөрү душмандын 2-танкалык, 29-моторлоштурулган, 11-жана 110-жөө аскерлер дивизиясын талкалап, 9 миң немец солдаттары менен офицерлерин, 80 танканы жана башка куралдарды жок кылышкан.

Командованиенин тапшырмасын үлгүлүү аткаргандыгы үчүн 316-аткычтар дивизиясы 8-гвардиялык деген наам алып, Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. Волоколамск районундагы, Гуськово деген кыштактын жанында 1941-жылы 18-ноябрда И. В. Панфилов курман болгон. Өлгөндөн кийин ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилип, ысымы өзүнүн дивизиясына ыйгарылган.

Мындан тышкары Советтер Союзунун Баатыры деген наам Панфилов дивизиясынын 28 жоокерине ыйгарылган. Алардын ичинде кыргызстандык Дүйшөнкул Шопоков, Николай Ананьев, Григорий Шемякин, Григорий Конкин, Иван Москаленко, Григорий Петренко, Иван Добробабин болгон.

Чегинген душмандын артынан түшкөн 8-гвардиялык Панфилов атындагы дивизия эрдиктери үчүн 1942-жылы март айында Ленин ордени менен сыйланган.

Түндүк-Батыш фронтунда кызмат өтөгөн учкуч, лейтенант Тимур Фрунзе (М. В. Фрунзенин уулу) эрдик көрсөтүп, баатырларча курман болгон. Өлгөндөн кийин ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.



Д. Шопоковдун бюсту.
*Бишкек шаары*

**Шопоков Дүйшөнкул**

1913-жылы Чүй облусунун Сокулук районундагы Шалта айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. КПССтин мүчөсү. Согушка чейин колхоздо иштеген. 1941-жылы августтун аягында 316-аткычтар дивизиясынын курамында Улуу Ата Мекендик согушка катышкан.

Москванын алдында Волоколамск шоссеси жактагы борборго кире бериш жерди коргоодо 28 панфиловчулардын катарында согушкан. Дубосеково разъездинде болгон согушта каза болгон. Көрсөткөн эрдиги, каармандыгы жана баатырдыгы үчүн 1942-жылы 21-июлда Советтер Союзунун Баатыр наамы берилген. Анын ысымы Бишкек шаарынын башкы көчөлөрүнүн бирине, Сокулук районундагы шаарга коюлган.

---



Н. Ананьевдин бюсту.
*Бишкек шаары*

**Ананьев Николай Яковлевич**

1912-жылы Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Сазановка айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. Айылда колхоз уюшулганда биринчилерден болуп кирген. Айылында эмгекти сүйгөнү, ак ниеттиги жана жөнөкөйлүгү менен кадыр-баркка жетишкен. 1941-жылы июлда фронтко кетип, анда 316-аткычтар дивизиясына алынган. Катардагы жоокер. Аткыч. Москва алдындагы Волоколамск шоссе багытындагы кире бериш жерди коргогон 28 панфиловчулардын катарында согушкан. Көрсөткөн баатырдыгы, каармандыгы, эрдиги үчүн 1942-жылы 21-июлда каза болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Ысымы Ысык-Көл районундагы айылга ыйгарылган.

---



Г. М. Шемякин

**Шемякин Григорий Меленьтевич**

1906-жылы Пржевальск шаарында туулган. Фронтко 1941-жылы чакырылган. Аткыч.

Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда 1941-жылдын июль айынан баштап согушка катышкан.

1941-жылдын ноябрь айында Москва облусунун Волоколамск шоссесинде Дубосеково разъездинде танк менен атышууда душмандын 18 танкасын жок кылууда эрдик көрсөткөн. Тарыхта бул согушуу 28 баатыр-панфиловчулар эрдиги деп аталып калган.

1941-жылы 21-июлда Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

1973-ж. каза болгон.

**Конкин Григорий Ефимович**

1911-жылы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Покровка айылында туулган. 1941-жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Фронтто 316-аткычтар дивизиясынын катарында согушкан. Катардагы жоокер. Аткыч.

Москва алдындагы 28 гвардиялык-панфиловчулар менен бирге согушкан, Волоколамск шоссеси багытында борборго кире бериш жакты коргогон. Дубосеково разъездинде катуу кармашта унутулгус баатырдык көрсөткөн. Бул эрдиги үчүн 1942-жылы курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Азыркы учурда Бишкек шаарында «Жаш гвардия» проспектисинде Баатырлар аллеясында бюсту жана мемориалдык такта коюлган. Жети-Өгүз районундагы айылга ысмы берилген.



Г. Е. Конкин

---

**Москаленко Иван Васильевич**

1912-жылы Казакстандагы Кордай районунун Георгиевка айылында туулган. Согушка чейин Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунда байланыш бөлүмүндө иштеген. Согуш башталганда фронтко кеткен. Катардагы жоокер. Аткыч.

Фронтто Москва алдындагы 316-аткычтар дивизиясында 28 панфиловчулардын катарында согушкан. 1941-жылы Дубосеково разъездинде душмандын 50 танкасынын чабуулун токтоткон панфиловчулардын катарында Москвага кеткен жолду бөгөшүп, эрдик көрсөтүп курман болгон. 1942-жылы көрсөткөн баатырдыгы, эрдиги жана каармандыгы үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.



И В. Москаленко

---

**Петренко Григорий Алексеевич**

1909-жылы Черкас облусундагы Каневск районунун Чернышев айылында туулган. Кыргызстанда Пржевальск шаарында, Сазановка айылында иштеген. Кызыл Армияга 1941-жылы чакырылып, 316-аткычтар дивизиясы менен фронтко кеткен. Катардагы жоокер.

Дубосеково разъездинде душмандын 50 танкасынын мизин майтарган атактуу 28 панфиловчулар менен бирге баатырдык көрсөтүп, курман болгон. 1942-жылы эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

Бишкек шаарында Жаш гвардия проспектисиндеги Баатырлар аллеясында анын бюсту коюлган. Петренконун ысымында теплоход бар.



Г. А. Петренко



А. Рысмендеев

**Рысмендеев Асанакун** (1911-1942) – партиялык жана аскер ишмери. Кыргыз ССРнин Жети-Өгүз районунун Жалгыз Өрүк айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте жетим калып, агасы Мамбетакундун колунда тарбияланган. 1927-ж. жатак мектебинде окуп баштап, 1929-ж. Ысык-Көл зооветеринардык техникумуна которулган. Техникумду 1932-ж. бүтүрүп, ошол жерде мугалим, кийин Жалгыз-Өрүк мектептерде мугалим жана окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Ошону менен катар Барскоон айылындагы мектепте да сабак берген. 1933-жылы Советтик армиянын катарына чакырылып, Нарын шаарына жайгашкан атчандар полкунун комсомолдук уюмун жетектеген. 1936-ж. Ташкент аскердик-саясий мектебине жиберилип, аны 1938-ж. аяктаган. 1937-ж. ВПК(б) катарына өткөн.

1938-1939-жж. Жалгыз Өрүк мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп ишин уланткан. 1939-ж. партиялык кызматка чакырылып Жети-Өгүз райкомунда бөлүм башчы кызматында, 1939-ж. баштап Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин аскердик бөлүмүнө инструктор болуп иштеген. 1940-жылы ушул бөлүмдү жетектеп, 1941-ж. мартта Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин үчүнчү секретарлыгына шайланып, аскердик иштерди тейлей баштаган. Калкты аскердик коргонуу иштерине даярдоого, Ата-Мекендик согуш башталганда жоокерлерди фронтко даярдап, мобилизациялоого чоң эмгек сиңирген. Кыргызстандын аскер комиссары И.В. Панфилов менен бирге 385-аткычтар дивизиясын, 40 жана 153-аткычтар бригадасын, 2 улуттук атчандар дивизиясын түзүүгө жигердүү катышкан. Ээлеген кызматына жараша берилген бронго карабай, өз ыктыяры менен 1941-ж. 8-июлда фронтко аттанып, полковник аскер чини менен атчандар корпусунун комиссары болуп кызмат өтөгөн. 1942-ж. 8-февралда Смоленск шаарына жакын жердеги чабуул-да курман болгон. Ысымы 1992-жылы Жети-Өгүз районундагы Жалгыз-Өрүк айылындагы орто мектепке ыйгарылган.

---

Кыгызстанда калкты согушка даярдоодо аскерге милдеттүүлөрдү жалпы мобилизациялоо ишинде Кыргызстан КП(б) БКнын үчүнчү секретары **Асанакун Рысмендеев** уюштуруу жөндөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн. Өзү да фронтко аттанып атчандар корпусунун комиссары катары кызмат өтөгөн.

Кызыл аскерлердин 1941–42-жылдары кышкы чабуулдарынан кийин гитлердик аскерлер фронттун ар кайсы участкаларында 100–400 *км* артка сүрүлгөн. Фашисттик баскынчылардан Москва, Тула облустары, Ленинград, Калинин, Смоленск облустарынын бир топ райондору бошотулган. 1942-жылы 8-февралда Смоленск облусунун Пастиха кыштагы үчүн кандуу салгылашта Кыргызстан

КП БКнын согушка чейинки үчүнчү секретары, полковник Асанакун Рысмендеев баатырларча эрдик көрсөтүп курман болгон.

Москванын алдында гитлердик армия ири талкаланууга дуушар болгон. Анын "чагылгандай тез согуш" планы ойрондолгон. Бул согушта 1941-жылы 16-ноябрынан 5-декабрына чейин душман 55 миң солдат, офицерлеринен ажырап, 100 миңи жарадар болгон. Алардын 800 танкасы, 1500 самолету жана 300 замбиреги талкаланган. Советтик аскерлер да көп жоготууларга учураган. Фашисттик Германия согушту созуп жүргүзүү стратегиясына өтүүгө мажбур болгон. Москва алдындагы салгылаштан кийин Түркия менен Япония СССРге каршы согушка кирүүгө батына албай калган. Совет элинде өзүнүн күчүнө, фашизмди жеңип чыгарына чоң ишеним пайда болгон.

## КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕРДИН 1942–43-ЖЫЛДАРЫ САЛГЫЛАШТАРГА КАТЫШЫШЫ

1942-жылы фашисттик Германия СССРге жаңы сокку уруп, стратегиялык демилгени колго алууга аракеттенген. 1942-жылы майга карата фашисттик Германия жана анын союздаштары советтик-германдык фронтко 237 дивизиясын жана бригадасын топтогон. Бул СССРге кол салган учурдан алда канча көптүк кылган. Душмандын армиясы 6,2 млн солдаттар менен офицерлерден турган. Аларда 57 миң замбирек жана миномет, 3,3 миң танк жана штурмалоочу замбирек, 3,4 миң самолет, 63 кеме болгон. Бул учурда Кызыл аскерлер немец армиясына солдаттардын саны, артиллерия жана согуштук самолеттор боюнча тең келе элек эле.

1942-жылы жайкы чабуулда фашисттик командачылык Волга суусун, Сталинград шаарын, Түндүк Кавказды жана Закавказьени, Ленинградды ээлеп, Москвага кайрадан сокку уруп, СССРге каршы согушту аяктоо максатын койгон.

Бул максат үчүн фашисттердин аракетинин натыйжасында фронтто эң кыйын кырдаал түзүлгөн. 1942-жылы июлда фашисттик армия Дон суусунан өтүп СССРдин эгин айдоочу бир топ региондорун ээлеп алган. И. В. Сталин 28-июлда "Бир кадам да артка чегинбегиле!" деген буйрук берген. Көп улуттуу Кызыл аскерлер болуп көрбөгөндөй каармандык менен Кавказдын ашууларында бир кадам жер үчүн, Сталинградда болсо ар бир квартал, көчө, үйлөр үчүн жан аябай кармашышкан. Душман Сталинградды жана Кав-



К. Ормокоев

**Ормокоев Касым** (1915-1942)-кыргыз авиациясын түптөөчүлөдүн бири, кыргыз жаштарынан чыккан тунгуч учкуч–интсруктор. 1915-ж. Бишкек шаарынын тутумундагы азыркы Орто-Сай кыштагында төрөлгөн. 1937-1938-жылдары Херсон авиамектебинде окуп, учкуч–инструктор адистигине ээ болот. Улуу Ата Мекендик согуш башталганга чейин Фрунзеде аэроклубда учкуч-инструктор болуп иштеген. Советтер Союзунун 2 жолку Баатыры Т. Бегельдинов, Советтер Союзунун Баатыры Ы.Таранчиев, баатыр учкуч М.Мордвинцев, С.Шаповалов ж.б. К.Ормокоевдин шакирттери болгон.

К.Ормокоев 1942-ж. фронтко аттанып, 8-учкучтар армиясындагы 287-авиадивизиясынын 2-авиацалык полкунда кызмат өтөгөн. Сталинграддагы салгылаштарда 62 жолу абага көтөрүлүп, душмандын аскердик объектилерине сокку уруп, фашисттик 7 учакты атып түшүргөн. Учкучтук чеберчилигинен , эрдигинен улам полктоштору ага «кыргызский ястреб» ( «кыргыз кыргыйы») деген лакап ат коюшкан. 1942-ж. 21-августагы абадагы салгылашта курман болгон. 1943-ж. 2- февралда эрдиги үчүн II даражадагы Ата Мекендик согуш ордени менен сыйланган.

Ысымы Сталинграддагы Мамаев коргонундагы баатыр жоокерлердин тизмесине чегилген. Бишкек шаарынын Орто-Сай айылындагы көчөлөрдүн бирине ысымы ыйгарылган.

---

казды ээлей алган эмес. Сталинград үчүн салгылашта кыргыз учкучу **Касым Ормокоев** душмандын жети самалётун атып түшүрүп, өзү да батырларча курман болгон.

Кызыл Армиянын командачылыгы “Уран” делип аталган маанилүү стратегиялык контрчабуулдун планын иштеп чыккан. Ал боюнча 1942-жылы 19-ноябрда Түштүк-Батыш, Дон, 20-ноябрда Сталинград фронттору артиллериялык атуулардан кийин контрчабуулга өтүп, душманга катуу сокку уруу менен 23-ноябрда 330 миң адамдан турган немецтик армияны курчоого алган. 1943-жылы 2-февралда советтик аскерлер курчоодогу дивизияларды жок кылышкан. Фельдмаршал Паулюс башында турган 24 генерал, 91 миң солдат, 2500 офицер колго түшүрүлгөн. Сталинграддын алдындагы согуш Ата Мекендик жана дүйнөлүк экинчи согуштун жүрүшүндөгү чоң бурулуш мезгили болгон. СССРдин жана анын Кызыл Армиясынын эл аралык авторитети көтөрүлгөн. Бул жеңиш антигитлердик коалициянын бекемделишине, Европа элдеринин фашизмге каршы улуттук-боштондук күрөшүнүн күчөшүнө өбөлгө болгон. Түркия менен Япония СССРге каршы согушуудан биротоло баш тарткан.

**Түлөбердиев Чолпонбай**

1922-жылы Талас облусунун Киров районундагы Чымкент айылында туулган. Согушка чейин колхоздо иштеген. 1941-жылы Кызыл Армияга чакырылган. Катардагы жоокер. Аткыч. Чолпонбай Түлөбердиевдин согуш жолу кыска болду. 1941-жылы декабрда фронтко келип, ал эми 1942-жылы 6-августта денеси менен дзоттун амбразурасын жаап, эрдик жана баатырдык менен курман болгон. 1943-жылы 4-февралда Чолпонбай Түлөбердиевге эрдиги жана каармандыгы үчүн курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Жоокердин ысымы Бишкек шаарындагы бир көчөгө берилип, «Жаш гвардия» проспектиндеги Баатырлар аллеясында бюсту коюлган.

2020-жылы июнь айында Бишкек шаарында эс алуу паркы негизделип, ага Чолпонбай Түлөбердиевдин ысымы берилди. Паркта ага эстелик коюлду.



Ч. Түлөбердиевдин бюсту. *Бишкек шаары*

---

Сталинград алдындагы жеңишке шыктанган Кызыл Армия кеңири фронтто чабуулга өтө баштаган. 1943-жылы 4,5 айга созулган кышкы чабуулда советтик аскерлер батышка карай 600–700 *км* жылган. Ленинград блокададан бошотулган. Душмандын жоготуулары көбөйгөн.

Экинчи фронттун жоктугунан пайдаланып, Фашисттик Германия советтик-германдык фронтко 232 дивизиясын (5,2 млн адам) жаңы чыккан күчтүү техникаларын топтоп, өздөрүнүн “Цитадель”, “Пантера” деген пландарын түзүп, Курскинин жанында кызыл аскерлерге сокку уруп, кайрадан чыгышка чабуул коюуну көздөгөн.

1943-жылы 5-июлда немецтик армия чабуулун баштаган. Курск, Орёл жана Белград райондорунда ири салгылаш башталган. Кан төгүлгөн жети күндүк кармаштан кийин 12-июлда Кызыл Армия күчтүү артиллериялык жана авиациялык атуулардан соң контрчабуулга өткөн. 5-августта кызыл аскерлер Орёл жана Белград шаарларын бошоткон. Курск догосундагы бул жеңиш үчүн Москвада биринчи жолу артиллериялык салют атылган. Ушундан кийин зор окуялардын урматына салют атуу салт болуп калган. 1943-жылы жайкы жана күзгү чабуулдардын натыйжасында душман батышка бир кыйла алыстыкка сүрүлгөн.

Сталинграддын алдындагы, Түндүк Кавказдагы жана Курскинин алдындагы салгылаштарда Кыргызстандык жоокерлер да эрдиктин үлгүсүн көрсөтүү менен баатырларча кармашып, көбү Ата Мекен үчүн курман болушкан.



Г. И. Выглазов

**Выглазов Григорий Исаевич**

1919-жылы Новосибирск облусундагы Сузун районунун Шайдорово айылында туулган. Үй-бүлөсү менен Кыргызстандын Ош облусуна көчүп келген.

1939-жылы Кызыл Армияга чакырылган. Ефрейтор. Парашюттук батальондун командири.

Түндүк-Кавказдык фронттогу согушта Керчти коргоодо баатырдык көрсөткөн. Согуштук оор тапшырманы аткарууда көрсөткөн эрдиги үчүн 1943-жылы курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

---



А. И. Волковенко

**Волковенко Афанасий Иванович**

1907-жылы Томск губерниясынын Змеиногород уездиндеги Локтев волостунун Покровка айылында туулган. 1931-жылы Кыргызстанга көчүп келип, «Кондитер» артелинде иштеген.

1941-жылы Кызыл Армияга чакырылган. Лейтенант. Атчандар полкунун эскадронунун командири.

Согушта көрсөткөн эрдиги жана каармандыгы үчүн 1944-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

1944-жылы отпускага кетип баратып бандеровчуларга кабылып, курман болгон. Сөөгү Ровно облусундагы Червоноармейск шаарына коюлган.

---

Воронеждин түштүк жагында Дон дарыясынын жээгиндеги согушта 1942-жылы 6-августта **Чолпонбай Түлөбердиев** душмандын дзотун көкүрөгү менен жаап, өлбөс өчпөс эрдик көрсөткөн. Ага 1943-жылы 4-февралда Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

Түндүк Кавказ фронтунда бөлүмдүн командири Кыргызстандык Г. И. Выглазов 1942-жылы 16-майда өзүнүн жоокерлери менен душмандын 8 танкасынын чабуулун токтоткон. Ал өзү үч танканы иштен чыгарып, 20 фашистти жок кылган. Ага 1943-жылы 22-февралда Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган. Ушундай наамга эрдиги үчүн Батыш фронтунда жердешибиз А. И. Волковенко татыктуу болгон.

Сталинград үчүн согушта артиллерист, наводчик, сержант **Дайыр Асанов** эрдик менен салгылашкан. Ал 1943-жылы январда

**Асанов Дайыр**

1922-жылы Нарын облусунун Ат-Башы районунун Баш-Кайыңды айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Кыргыз. 1943-жылдан КПССтин мүчөсү. Кызыл Армияга 19 жашынан кеткен. Сержант. Наводчик.

Өзүнүн күжүрмөн жолун Сталинград фронтунда баштаган. Дон жана Түштүк-Батыш фронттордогу согушка катышкан. Анын каармандыгы 1-даражадагы Ата Мекендик согуш жана Кызыл Жылдыз ордендери, «Жоокердик каармандыгы үчүн» медалы менен белгиленген. 1943-жылы 26-октябрда Харьковдун алдында душман менен айыгышкан кармашууда көрсөткөн эрдиги жана баатырдыгы үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылган.



Д. Асанов

1994-жылы ага генерал-майор наамы берилген. Ал көп жылдары Ленин районунун Фрунзе шаарынын аскер комиссары болуп иштеген. 2011-жылы каза болгон.

---

таамай атуу менен адегенде танканы, миномет батареясын жана душмандын ротасын талкалаган. 23-мартта Харьковдун жанындагы Пятницкое кыштагы үчүн салгылашта Д. Асановдун аткычтар тобуна душмандын 8 танкасы, анын артынан автоматчылар чабуул коёт. Бул беттешүүдө Асанов үч танканы иштен чыгарат, калганы кайрылып качууга аргасыз болгон. 20–25 мүнөттүк авиациялык бомбалоодон жана артиллериялык атуудан кийин душмандар экинчи жолу чабуулга өтөт. Дайыр жалгыз калганына карабастан, дагы эки танканы атып токтотот. 4 саатка созулган согушта Асанов 8 танканы, 6 бронемашинаны жана 40 фашистти жок кылган. 1943-жылы 26-октябрда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

Закавказье фронтунда ротанын саясий жетекчиси **Кубат Жуматаев** эрдик көрсөткөн. 1942-жылы 16-сентябрда анын ротасынын командири оор жарадар болот. Жуматаев душмандын бекемделген чебин алууга ротаны өзү жетектеп жөнөгөн. Анын ротасы бир нече кыштактарды бошотот. Бир учурда анын ротасына 15 танк чабуул койгон. Күчтөр тең эмес эле. Бул салгылашта Жуматаевдин жоокерлери душмандын 2 танкасын, 80 солдатын жок кылган. Курчоодо калган Жуматаев гранаталарды денесине байланып өзүнө келе жаткан брондолгон машинага тике барып аны жардырган. Кыргыздын уулу, коммунист К. Жуматаев өлгөндөн кийин Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган.



К. Болотов

**Болотов Күмөн** (1906 - 1973-жж.) – мамлекеттик жана коомдук ишмер. Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу. Ал ата-энесинен эрте ажырап, Фрунзедеги жетим балдар үйүндө тарбияланган. 1931-ж. Оренбургдагы Жумушчу факультетин бүткөн. 1932-ж. К.Болотов Кыргыз ССР Эл комиссарлар Советинин референти болуп иштеген. Кыргыз мамлекеттик театрынын директору катарында Москвада 1939-ж. өткөн Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын Декадасына жетекчилик кылган. Күмөн 1941-ж. Фрунзе шаардык аткаруу кеңешинин төрагасынын орунбасары болуп иштеп турганда өз ыктыяры менен Улуу Ата-Мекендик согушка кеткен. Ал Моздок багытындагы Калинин жана Түндүк-Кавказ фронтундагы кармашууда 1942-ж. 29-сентябрда колдоруна граната кармап, тайманбай немецтик-фашисттик танктын астына боюн таштайт. Танк жоокер жыгылганда ордунан бир айланып туруп андан ары жүрүп кетет. К. Болотовдун үйүнө баатырларча курман болду деген "кара кагаз" келген. Күмөндүн бул эрдигине арналып, 1942-ж. 22-ноябрда "Кызыл-Кыргызстан" газетасына Ж. Бөкөнбаевдин "Ажал менен Ар намыс" поэмасынан үзүндү, К. Маликовдун "Кыргыздын кыраан уулу" аттуу ыры, С. Сасыкбаевдин очерки жарыяланган. Ж. Бөкөнбаевдин "Ажал менен Ар намыс" поэмасы 1943-ж. өзүнчө китеп болуп чыккан, мектеп программасына киргизилген жана Сталиндик сыйлыкка көргөзүлгөн. 1943-ж. 20-декабрда Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Т. Кулатов кан майданда баатырларча курман болгон К. Болотовдун жубайы Сарыбаева Күлшага үч баласы бойго жеткенче айына 1200 сомдон жөлөк пул төлөп берүү жөнүндө атайын токтом чыгарган. Бирок, Күмөн танктын алдына топуракка көмүлүп, чала жан абалында туткунга түшкөн. Ал Германиянын Люккенвальд, Польшанын Понятове концлагерлеринде болгон. Бир нече жолу концлагерден качууга аракеттенген. 1944-ж. советтик согуш трибуналы тарабынан соттолуп, 1955-ж. чейин Сибирде түрмөдө отурган. 1967-ж. 29-декабрында толук акталган. 1969-ж. 10-сентябрда К. Болотовго 1943-ж. 3-февралда сыйланган "Кызыл Туу" ордени тапшырылган. К. Болотов Кыргызстандын белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмери, академик Аскар Какеевдин атасы болгон.

---

Кавказды коргоодо ротанын саясий жетекчиси Сулайман Жүндүбаев, ага лейтенанттар Темиркул Үмөталиев, **Күмөн Болотов,** артиллеристтер Керим Кырбакбаев, Тыныбай Бейшенбаев жана Абдыкалык Жумакеев эрдиктерди көрсөтүшкөн. 1942-жылы 29-сентябрда Күмөн Болотов Моздок багытындагы салгылашууда колдоруна граната кармап, тайманбай немецтик-фашисттик танктын астына боюн таштаган. Жоокердин бул эрдигине арнап, Ж. Бөкөнбаев «Ажал менен Ар намыс» аттуу поэмасын жазган.

1942-жылы декабрда Кавказ үчүн болгон кармаштардын биринде бөлүмдүн командири **Акун Садырбаев** душмандын ага кезеги менен ыргытылган 16 гранатасын тосуп алып, кайра душманга ыргытууга жетишкен. 17-граната анын колунда жарылып, курман болгон. Бул эрдиги үчүн ал Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Анын жолдоштору болсо жардам келгиче, бир сутка бою ордунан жылбай 60 душманды жок кылган.



А. Садырбаев

---

**Чортеков Анварбек**

1920-жылы Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. Аскерге чакырылганга чейин Нарын шаарындагы көмөк чарбада жана мөмө тажрыйба станциясында иштеген. 1943-жылы мартта Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Сержант, аткычтар взводунун командиринин орун басары.

Воронеж жана 1-Украина фронтторунда согушкан. Днепр дарыясын кечкенде жана Григорьевка, Луковицы эл отурукташкан пункттар үчүн болгон согушта өзгөчө баатырдыкты жана туруктуулукту көрсөткөн. 1944-жылы 10-январда согуштук тапшырманы үлгүлүү аткаргандыгы үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Андан соң Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. 1989-ж. каза болгон.



А. Чортеков

---

**Тешебаев Мамасалы**

1923-жылы Ош облусунун Куршаб районундагы Тогуз-Булак айылында туулган. Улуту кыргыз. КПСС-тин мүчөсү. Жети жылдык мектепти бүткөндөн кийин Ош облусунун «Кызыл Октябрь» колхозунда иштеген.

Воронеж, 1-Украина жана Беларусь фронтторундагы согуштарга катышкан. Каарман артиллерист Днепр дарыясын кечүүдө жана анын оң жээгиндеги плацдармды кармоодо көрсөткөн эрдиги үчүн 1944-жылы 3-июнда Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

1947-жылы Советтик Армиянын катарынан лейтенант наамында бошотулган. 1984-жылы 23-мартта каза болгон.



М. Тешебаев



В. Г. Крикун

**Крикун Василий Гаврилович**

1918-жылы Жалал-Абад облусундагы Октябрь айылында туулган. 1942-жылы өз ыктыяры менен фронтко кеткен. Сержант. Бөлүктүн командири, аткычтар батальонунун парторгу болгон.

Согуш учурунда Түштүк жана 4-Украина фронтторунда согушуп, Волгадан Крымдагы Түрк жалына чейин барган. Мелитополь шаарын бошоткондо өзгөчө баатырдыкты көрсөткөн.

1943-жылы эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамын алган.

Согуштан кийин ал тынч турмушка кайткан.

2007-ж. каза болгон

---



В. Я. Беляндра

**Беляндра Василий Яковлевич**

1914-жылы Костанай облусунун Котюбук районундагы Достовск айылында туулган. Он алты жашында Кыргызстанга үй-бүлөсү менен көчүп келишкен. 1941-жылы Кызыл Армияга чакырылган.

Согушта Дон жана Сталинград фронтторунда болгон. Днепрди кечкендеги чабуул боюнча көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Эки Кызыл Жылдыз, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, Александр Невский ордендери жана медалдар менен сыйланган.

Демобилизациялангандан кийин Кыргызстанда жашап, эмгектенген. 1967-жылы каза болгон.

---



М. Г. Сапожников

**Сапожников Михаил Григорьевич**

1905-жылы Пишпек шаарында туулган. 1926-жылдан тартып Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Ташкент шаарындагы Ленин атындагы Орто Азиялык бириккен аскер мектебин бүткөн. Подполковник. Танкага каршы артиллериялык бригаданын командири. Ленин, төрт Кызыл Туу, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган. Бородаев плацдармын бекем кармап, Днепр дарыясын ийгиликтүү кечип өткөндүгү үчүн 1943-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Согуш бүткөндөн кийин Жогорку академиялык артиллериялык курстарда окуп, кайта Куралдуу күчтөрдүн катарында кызмат кылган. Генерал-майор наамын алган. 1958-жылы отставкага чыгып, Саратов университетинин аскер кафедрасында иштеген. 1964-жылы каза болгон.

**Мазков Евдоким Константинович**

1922-жылы Казак ССРинин Ак-Төбө облусунун Мартук станциясында туулган. 1932-жылдан Кыргызстанда Жалал-Абад шаарында жашаган. 1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Чкалов атындагы аскердик-авиациялык окуу жайына жиберилген. Капитан. Учкуч-штурмалоочу. Авиазвенонун командири.

1943-жылы Түштүк-Батыш жана 3-Украина фронторунда согушкан. 85 согуштук учуу жасаган. Душман менен аёосуз күрөшкөндүгү үчүн 1943-жылы эки Кызыл Туу, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш жана Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган. 1944-жылы эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамын алган. Согуштан кийин Жалал-Абад шаарында жашаган жана иштеген. 1977-жылы каза болгон.



Е. К. Мазков

**Тихонов Григорий Матвеевич**

1912-жылы Көкчө-Тоо Рузаев районундагы Князев айылында туулган. 1940-жылы Фрунзе шаарынан Кызыл Армияга чакырылган. Гвардиянын улук лейтенанты. Атчандар полкунун кылычтуу эскадронунун командири. Белофинндер менен болгон согушка катышкан.

Улуу Ата Мекендик согушка биринчи күнүнөн баштап, өзүн эр жүрөк жоокер катары Днепр боюндагы көрсөткөн баатырдыгы жана каармандыгы, билгичтик менен жетекчилик кылгандыгы үчүн 1944-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Александр Невский жана Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган.

1944-жылы Мозырь шаары үчүн болгон согушта курман болгон.



Г. М. Тихонов

атындагы аткычтар дивизиясы өзгөчө ийгиликтерге жетишкен. Андагы жоокерлердин 18,5 процентин кыргыздар түзгөн. Дивизиядагы снайперлер Токтогул Шабеков, Алымкул Абибулдаев, Бозжигит Турдубаев ар бири 25тен 150гө чейин гитлерчилерди атып өлтүрүшкөн.

1943-жылы сентябрда Днепр дарыясынан өтүүдө Кыргызстандын жоокерлери укмуштуудай эрдиктерди көрсөткөн. Бул жерден сержант Анварбек Чортековдун взводу айырмаланган. Алар суудан сүзүп өтүшүп, душмандын төрт чабуулунун мизин майтарган. 30 гитлерчини жок кылган. Эрдиги үчүн А. Чортеков Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Днепр үчүн салгылаш-



А. Коёнкөзов

тардын биринде пулеметчу Садык Алиназаров душмандын 21 солдатын, 2 офицерин жок кылган. Көрсөткөн каармандыгы үчүн ал да Советтер Союзунун Баатыры болгон. Днепрдеги салгылаштагы майтарылбас эрдиктери үчүн Кыргызстандан барган М. Тешебаев, В. Крикун, В. Беляндра, М. Сапожников, Е. Мазков, Г. Тихонов ж. б. Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. Жүздөгөн кыргызстандыктар ордендер жана медалдар менен сыйланышкан.

Душмандын тылында калган кыргызстандык жоокерлер партизандардын катарында согушушкан. Алсак, Украинада А. Ковпактын партизандык бирикмесинде эле 17 кыргыз партизан болгон. Алардын ичинен Ишенкул Бейшеналиев өзгөчөлөнгөн. Ал 6 татаал операцияга катышып, бир жолу душмандын эшелонун жолдон кулаткан. Белорус партизандарынын арасында А. Мурзакулов, С. Сарыбаев, Б. Узбеков, А. Адашев өңдүү кыргыз элинин уулдары душманга каршы согушкан. Алардын ичинен партизан И. Иманбаев “рельс согушунда” өзгөчө эрдиктерди көрсөткөн. Кыргызстандыктар душмандын тылында, фашисттер убактылуу басып алган Крымда, Ленинградда, Смоленскиде, Псков, Орлов ж.б. облустарда каармандык менен күрөшүшкөн.

1942-жылдын аягында Панфилов дивизиясынын жоокерлеринин бир тобу ага сержант **Ашырбай Коёнкөзовдун** командалыгы менен душмандын тылына атайын тапшырма менен жөнөтүлгөн. 1943-жылы январда алар Псков шаарына жакын жерден 7-ленинграддык партизандар бригадасына кошулган. Көп узабай Коёнкөзов 2-партизандык отряддын ротасынын командирлигине дайындалган. Ал жетектеген рота душмандарга күндүр-түндүр тынчтык берген эмес. 1943-жылы декабрда эле алар 10 эшелонду, 10 паровозду, 20дан ашуун вагондорду талкалап, Коёнкөзов жана анын жоокерлери Псков шаарынын жанында душман менен болгон салгылашта эрдик менен курман болушкан.

**Таранчиев Исмаилбек (1923-1944)**

1923-жылы Чүй облусунун Беш-Күңгөй айылында туулган. Орто мектепте 8-классты, кооперативдик техникумдун 1-курсун, Оренбургдагы учкучтардын аскердик-авиациялык мектебин бүткөн. Кенже лейтенант, учкуч-штурмалоочу.

1941-жылдан Уулу Ата Мекендик согушка катышкан. Ленинград фронтунун 13-аба армиясынын Красносельск дивизиясынын 277-штурмалоочу авиациясынын 566-штурмалоочу авиациялык полктун учкучу.

1941-жылы 22-февралда Кызыл Жылдыз, 1944-жылы 29-апрелде 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери менен сыйланган. Убагында Жарлык чыкпай, 1991-жылы 5-майда СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.



И. Таранчиев

## КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕР УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН АЯКТООЧУ МЕЗГИЛИНДЕ.

1944-жылдын башынан баштап советтик куралдуу күчтөр душмандан адам күчү боюнча 1,3 эсе, артиллерия боюнча 1,7 эсе, танканын саны боюнча 1,4 эсе, самолеттор боюнча 2,7 эсе артыкчылык кылган. Бирок душман да али күчтүү болгон. Жапырт мобилизациялоонун натыйжасында гитлердик Германия өзүнүн армиясын жогорку деңгээлде кармап турган. Экинчи фронттун ачылбаганынан пайдаланып, Германия союздаштарынын аскерин эсептебегенде советтик-германдык фронтто өз аскерлеринин 63,2 процентин кармаган.

Стратегиялык демилгени колуна алган советтик аскерлер 1944-жылы январь-февраль айларында душмандын ири группировкаларын Ленинграддын, Новгороддун, Украинанын оң жээгинде талкалап, Румыния менен Чехословакияга кире баштаган. 1944-жылы жазында Крым бошотулган. Жай айларында сокку жеген Финляндия согуштан чыккан. Айыгышкан кармаш менен Белоруссия бошотулуп, Польшаны бошотуу башталган.

1944-жылы Эстониянын Нарва шаарына жакын жердеги салгылашта кыргыз учкучу **Исмайылбек Таранчиев** өзүнүн жалындап күйгөн самолёту менен душмандын май куючу станциясын сүзүп, анын жанындагы алты танканы, ондогон немец солдаттарын жардырган. Анын эрдиги учурунда унутта калып, Советтер Союзунун Баатыры деген наам ага 1991-жылы гана ыйгарылган.



О. Якубов

**Якубов Осмон**

1911-жылы Өзбек ССРинин Анжиян облусунунун Халдыванбек районундагы Найман айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1926-жылы ата-энелери менен бирге Кыргыз ССРине, Ош облусунун Өзгөн районундагы Тогуз-Булак айылына көчүп келген. «Кызыл Октябрь» колхозун түзүүгө активдүү катышкан. 1941-жылы декабрда Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Аткыч-автоматчы.

Өзүнүн согуш жолун Сталинград алдындагы согушта баштаган. Андан кийин көп фронтторго катышкан. Эки жолу жарадар болгон, бирок кайрадан катарга турган. 1944-ж. курман болгон соң Советтер Союздун Баатыры наамы ыйгарылган.



Ж. Асаналиев

**Асаналиев Жумаш**

1923-жилы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Отуз-Уул айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Комсомол. Орто мектепти бүткөн соң колхоздо иштеген. 1942-жылдан тартып Кызыл Армияда болгон. Гвардиянын ефрейтору. Пулеметчу. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында көп каармандык менен 1943-жылы Курск алдындагы салгылашууда биринчи жолу согушка катышкан. Эки жолу оор жарадар болгон, бирок кайра катарга турган. 1944-жылы 22-июлда курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылган. Ак-Суу районундагы Отуз-Уул айылына бюсту коюлуп, аты мектепке жана айылдын бир көчөсүнө берилген. Белорусиянын борбору Минск шаарында ага эстелик коюлган.



Д. Н. Пичугин

**Пичугин Дмитрий Николаевич**

1904-жылы Новосибирск облусунда Колывань айылында туулган. 1937-жылы Кыргызстанга көчүп келген. Лейтенант. Чалгынчылар взводунун командири. 1939-жылы белофинндер менен болгон согушка катышкан. Демобилизациялангандан кийин Аламедин районунда иштеген.

1941-жилы Улуу Ата Мекендик согушта чалгынчы, 2-Беларусь фронтунда жана Москва алдындагы согушка катышкан. Берлннге чейин барган. Согушта көрсөткөн баатырдыгы, каармандыгы үчүн 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери жана медалдар менен сыйланган. 1945-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

1945-жылы запаска чыгып, Ош шаарында жашап жана эмгектенген. 1947-жылы каза болгон.

**Калашников Николай Семенович**

1913-жылы Пишпек шаарында туулган. Согушка чейин айыл чарба техникумун бүткөн. 1935-жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылып, Ташкенттеги В.И. Ленин атындагы жөө аскерлер окуу жайын бүткөн. Улук лейтенант. 1942-жылы фронтко жөнөтүлөт. Фронтто моторлоштурулган автоматчиктердин командири болуп 3-Беларусь фронтунда согушка катышкан. Көрсөткөн каармандыгы жана эрдиги үчүн Кызыл Жылдыз ордени, «Сталинградды коргогону үчүн» медалы мнен сыйланган. 1944-жылы согушта баатырдык менен курман болгон. 1945-жылы курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.



Н. С. Калашников

---

**Курочкин Ефрем Георгиевич**

1921-жылы Пржевальск шаарында туулган. Кызыл Армияга 1940-жылы чакырылган. Гвардиянын сержанты. Замбиректин командири.

Ата Мекендик согушка 1941-жылы 48-армиянын, 1-Беларусь фронтунун курамында катышкан. Узлян айылынын айланасындагы салгылашууда каармандыгы жана баатырдыгы үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Согуш учурунда 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени, «Каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

Согуш бүткөндөн кийин Пржевальск шаарына кайтып келген. 1986-ж. каза болгон.



Е. Г. Курочкин

---

**Царенко Лаврентий Иванович**

1914-жылы Ош облусунун Масы айылында туулган. Улуту украин. КПССтин мүчөсү. Согушка чейин «Ленин жолу» колхозунда тракторчу, айдоочу, механик болуп иштеген. 1937-1940-жылдары Кызыл Армияда гвардиянын лейтенанты, танкалык взводдун командири.

1943-жылдын июлунан Улуу Ата Мекендик согуштун Воронеж, 1-Украина, 3-Беларусь жана 1-Балтика бою фронтторунда согушкан.

1945-жылы 24-мартта Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Ал ошондой эле Кызыл Туу, 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери менен сыйланган.

1976-жылы 27-октябрда каза болгон.



Л. И. Царенко



Р. Азимов

**Азимов Розы**

1925-жылы Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Чөк-Төбө кыштагында туулган. Улуту өзбек. КПСС-тин мүчөсү. 1944-жылдын июнь айынан тартып фронтто болгон. Катардагы жоокер. Пулеметчу. 1-Балтика бою жана 3-Беларусь фронтторунда согушкан. 1944-жылы 22-июнда Батыш Двинаны кечип өткөн кезде көрсөткөн баатырдыгы жана эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин туулган жерине келип, Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын, Кыргызстан Компартиясынын БКнын алдындагы республикалк партия мектебин бүтүрүп, партиялык, маданий-агартуу жана чарба иштеринде жемиштүү эмгектенген. 2006-ж. каза болгон.

---



С. З. Сухин

**Сухин Семен Захарович**

1905-жылы Томск облусунун Туганск районундагы Орловка айылында туулган. 1935-жылы Кыргызстанга Талас районундагы Киров айылында жашаган. 1941-жылы Кызыл Армияга чакырылган. Взводдун командири. Лейтенант.

Улуу Ата Мекендик согушка Батыш жана 2-Беларусь фронтторунда катышкан. Согушта көрсөткөн эрдиги жана каармандыгы, Неман дарыясын кечип өтүп плацдармды кармап тургандыгы үчүн 1945-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

Кызыл Туу, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери менен сыйланган. Согуштан кийин Кыргызстанда жашап, андан кийин Томск шаарына көчүп кеткен. 1971-жылы каза болгон.

---



А. М. Хименко

**Хименко Андрей Максимович**

1915-жылы Петропавловск шаарында туулган. 1927-жылы Фрунзе шаарына көчүп келген. Армияга чейин Кыргызстанда «Союзпечать» конторасында иштеген. Кызыл Армиянын катарына 1941-жылы чакырылган. Гвардиянын улук сержанты.

1942-жылдан баштап Батыш жана 1-Беларусь фронтторунда согушкан. Согушта көрсөткөн эрдиги, каармандыгы, командалык билгичтиги үчүн 1945-жылы курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

1944-жылы Подосье айылында катуу согушта баатырдык менен курман болгон.

Советтик Армиянын жеңиштери, улуттук-боштондук күрөштүн күчөшү АКШ менен Англияны 1944-жылы 6-июнда (эки жылга кечигип) экинчи фронтту ачууга мажбур кылган. Бирок фашисттик армиянын негизги күчү советтик-германдык фронтто кала берген. 1944-жылы августта Молдавия, Румыния, 20-октябрда Югославиянын борбору Белград бошотулган. Гитлердик оккупанттар Балтика боюндагы өлкөлөрдөн кубаланган. Ошентип, согуш Германиянын аймагында жүрө баштаган.

1944–45-жылдардагы чабуулдарда да СССРдин бардык элдеринин жоокерлери бир катарда эрдик менен согушушкан. 1944-жылы Ленинграддын алдындагы салгылашта кыргыз жоокерлери Ө. Жетикашкаев, Ж. Рустамов, М. Юнусалиев ж. б. өзгөчөлөнгөн.

Молдавиянын Дубоссары шаарынын жанында 1944-жылы апрелде орудиянын наводчиги К. Жаркымбаев душмандын 2 пулемётун, 25 солдатын талкалаган. Бул салгылашта Жаркымбаев душмандын беш жолку чабуулунун мизин кайтарган. Бул эрдиги үчүн ал Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

1944-жылы июнда Белоруссиядагы салгылаштарда көрсөткөн эрдиктери үчүн ефрейторлор О. Якубов менен Ж. Асаналиев, лейтенант Д. Пичугин, майор Н. Калашников, сержант Е. Курочкин, лейтенант Л. Царенко, пулеметчик Р. Азимов, лейтенант С. Сухин, катардагы жоокер А. Хименко ж. б. Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушуп, кыргызстандыктардын даңкын чыгарышкан.

Согуштун түрдүү баскычтарында – Ленинградды, Ржевди, Великие Лукини, Новгородду, Псковду, Нарваны бошотууда Кыргызстандын 660- жана 664-түнкү бомбалоочу авиациялык полктору жигердүү аракеттенишкен. Алардын ичинен кыргызстандык учкуч аял **Е. Пасько** 780 жолу түнкү бомбалоого учуп чыгып, душмандарга бардыгы 93 тонна бомба таштаган. Анын бомбаларынан душмандын маанилүү объектилеринде 109 жолу өрт чыккан. Советтер Союзунун Баатыры Е. Пасько өзүнүн командасы менен душманга далай жолу бүлүк салган. 1944-жылы 13–15-октябрда советтик аскерлер Риганы бошоткон. Бул согуштагы өзгөчө эрдиктери үчүн Панфилов дивизиясы II даражадагы Суворов ордени менен сыйланган. Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшүндө 8-гвардиялык Панфилов атындагы дивизиянын 34 жоокери Советтер Союзунун Баатыры болушкан. Дивизиянын 18086 жоокери СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланышкан. Дивизиянын өзү Ленин, Кызыл Туу, II даражадагы



Е. Б. Пасько

**Пасько Евдокия Борисовна**

1919-жылы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Липенка айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту орус. КПССтин мүчөсү. 1938-жылы Пржевальск шаарында орто мектепти бүткөндөн кийин, Москвадагы Ломоносов атындагы мамлекеттик университетинин механика-математикалык факультетине окууга кирген. 1941-жылы ВЛКСМ БКнын чакырыгы боюнча өз ыктыяры менен армияга кеткен. 1942-жылдын майынан 1945-жылдын майына чейин 46-гвардиялык аялдар авиаполкунун штурманы катары согушкан. Гвардиянын улук лейтенанты. 780 жолу согуштук учуу жасаган. Кызыл Туу, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш жана эки Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган. 2017-ж. каза болгон.

---



К. Үсөнбеков

**Үсөнбеков Калыйнур**

1921-жылы Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Ой-Булак айылында туулган. Улуту кыргыз. КПССтин мүчөсү. Пржевальск педагогикалык техникумду бүткөндөн кийин мектепте иштеген. 1942-жылы мартта Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Улук лейтенант. Аткычтар батальонунун парторгу.

1942-жылдан 1945-жылга чейин 1-Беларусь жана 3-Украина фронтторунда согушкан. Анын согуш жолу Волгадан башталып, Берлин шаарында бүткөн. Согуштарда көрсөткөн эрдиги жана каармандыгы үчүн Кызыл Жылдыз, Кызыл Туу ордендери менен сыйланган. Одер дарыясын кечкен кезде 1945-жылы 31-майда Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.

Улуу Ата Мекендик согуш аяктаган соң Кыргыз ССРинин прокурорунун орун басары, Советтик Армияда кызматын уланткан. 1973-жылы генерал-майор, 1985-жылы генерал-лейтенант наамдары берилген. 2004-жылы каза болгон.

---

Суворов ордендерин алган. Ошентип Кыргызстан менен Казакстандын жеринде, Кыргызстандын Аскер комиссары И. В. Панфилов түзгөн дивизия согушта өзгөчө эрдиктерди көрсөткөн.

Советтик Армиянын жеңиштери менен СССРдин эл аралык кадыр-баркы арткан. Фашисттик Германия аскердик бардык көрсөткүчтөр боюнча начарлаган. Анын союздаштарынын бардыгы согуштан чыккан.

1945-жылы 16-апрелде фашизмдин цитадели – Берлинди штурмалоо башталган. Өтө күчтүү артиллериялык соккудан кийин со-

**Оторбаев Асанбек**

1925-жылы Талас облусунун Талас районундагы Чат-Базар айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. КПССтин мүчөсү. 1943-жылы январда фронтко кеткен. Кенже сержант. Пулемётчу. Лениград жана 1-Украина фронтунда согушкан. Көрсөткөн эрдиктери үчүн Кызыл Жылдыз ордени, медалдар менен сыйланган.

1945-жылы 10-апрелде курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген. Ысымы Чат-Базар орто мектебине ыйгарылып, мектептин алдына бюсту коюлган.



А. Оторбаев

---

веттик аскерлер чабуулга өтүшкөн. Бул салгылаштардын биринде батальондун саясий жетекчиси **Калыйнур Үсөнбеков** жоокерлерге күчтүү дем берген. 14-февралдагы бетме-бет салгылашта К. Үсөнбеков душмандын 7 солдатын сайып өлтүрүп, экөөнү колго түшүргөн. Күжүрмөн тапшырманы ийгиликтүү аткаргандыгы үчүн лейтенант К. Үсөнбеков Советтер Союзунун Баатыры болгон. Үсөнбековдун батальону алгачкылардан болуп Берлинге кирип, ратушаны штурмалоого катышкан. Ратуша үчүн согуштагы эрдиги үчүн К. Үсөнбеков Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Согуштун аяк жагында Польша үчүн салгылашта пулеметчу А. Оторбаевдин эрдиги Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Ал Одер дарыясынан өтүп жатканда душмандын беш чабуулунун мизин кайтарып, 25 солдатын жок кылган. Батальон бүт бойдон дарыядан өтүп жаткан учурда немецтик өзү жүрүүчү замбирек батальонго ок жаадыра баштайт. Абалдын оордугун жана маанисин түшүн-гөн Оторбаев эки граната менен өзү жүрүүчү пушкага сойлоп жетип, алдына жыгылуу менен аны жардырган.

Берлин үчүн болгон салгылашта жердештерибиз учкуч-штурман, Советтер Союзунун эки жолку Баатыры **Т. Бегельдинов,** взводдун командири, Советтер Союзунун Баатыры В. Бельяндра ж. б. өзгөчө эрдиктерди көрсөтүшкөн.

Кыргызстандан барган жүздөгөн медицина кызматкерлери да жарадар болгон жоокерлердин өмүрүн сактоодо зор эмгек сиңирген. Мисалы, Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун алгачкы бүтүрүүчүлөрүнүн бири таланттуу окумуштуу-хирург А.И. Шеров 1941-жылы өз ыктыяры менен майданга аттанып, медициналык-санитардык батальондун командири катары Москва шаарынан



Т. Я. Бегельдинов

**Бегельдинов Талгат Якубекович**

1922-жылы Фрунзе шаарында туулган. Чкалов атындагы аскердик-авиациялык окуу жайын бүтүргөн. Авиациянын отставкадагы подполковниги. Учкуч-штурмалоочу. Эскадрильянын командири.

Улуу Ата Мекендик согушка 1942-жылдан баштап, согуш бүткөнгө чейин катышкан. Согуш учурунда 300дөн ашуун согуштук учуу жасаган.

1944-жылы Советтер Союзунун Баатыры наамын алган. 1945-жылы 27-июнда экинчи жолу «Алтын Жылдыз» медалы менен сыйланган. Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн Кызыл Туу, үчүнчү даражадагы Даңк, биринчи жана экинчи даражадагы Ата Мекендик согуш, Александр Невский ордендери менен сыйланган.

2014-ж. каза болгон

Берлинге чейинки жолду басып өтүп, оор операцияларды жасап, миңдеген советтик жоокерлерди ажалдан арачалап калган.

Ошентип, Улуу Ата Мекендик согушта Совет эли эркиндик, көз каранды эместик үчүн жан аябай салгылашкан. Көп улуттуу Кызыл Армиянын катарында Кыргызстандан барган 365 миң жоокердин көбү Ата Мекенди коргоонун үлгүлөрүн көрсөтүшкөн.

Согуштагы эрдиктери үчүн 150 миң кыргызстандык жоокер орден жана медалдар менен сыйланышкан. Кыргызстандык жоокердин 76сы Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. Алардын 13ү кыргыз жигиттери эле. 34 жоокер Даңк орденинин үч даражасын тең алышкан. Кыргызстандын 160 миңден ашуун жоокерлери мекенинин, өз элинин эркиндиги үчүн курман болушкан. Кыргызстандык 56 миң жоокер дайынсыз жок болгон.

## ТЫЛДАГЫ КҮЖҮРМӨН ЭМГЕК

**Согуш жылдарындагы өнөр жайы.** Согуштун башталышында СССРдин экономикасы өнүккөн маанилүү региондорун фашисттик Германиянын басып алышы абалды өтө оордоткон. Совет өкмөтү фронттун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн өлкөнүн тылдагы республикаларын тез арада согуштук өнөр жай арсеналдарына айландыруу милдетин койгон. Бул боюнча атайын программа иштелип чыккан. Ага ылайык Урал, Батыш Сибирь, Казакстан, Орто Азия республикалары курал-жарак, техника чыгаруучу, өнөр жай продукцияларын, азыктүлүк алуучу жана калкты эвакуациялоочу зонага айланмак.

Кыргызстандын өнөр жай тармагы согуштук заказдарды аткарууга өткөн. 1941-жылы июнда эле Фрунзедеги механикалык завод фронттун атайын заказын чыгара баштаган. Андагы жумушчулар өндүрүштүн согуштук түрүн өздөштүрүү менен күндүк нормаларын 200–400 процентке аткарууга, айрымдары эки, үч сменада иштөөгө өтүшкөн.

Кадамжайда стратегиялык мааниси бар сурьма кенин өндүрүү күч алып, андагы жумушчулардын 65 проценти стахановчулардан болуп калышкан. Кыргызстандын жеңил жана текстиль өнөр жайы бүт бойдон жоокерлерге кийим-кече тигүүгө киришкен.

Республиканын эл чарбасын согуштук багытка которуудагы маанилүү иш эвакуацияланган өнөр жай ишканаларын жайгаштырып, ишке киргизүү болгон. 1941-жылдын июлунан декабрга чейин эле өлкөнүн чыгыш райондоруна 2593 өнөр жай ишканалары көчүрүлгөн. Алардын 308 Орто Азия менен Казакстанга бөлүнгөн. Кыргызстанга 28 ири ишкана келген. Алардын ичинде Запорожье облусунан Бердянск машина куруу заводу, Донецк облусунан сымап комбинаты, Одессадан булгаары, желим заводдору, Харьков тигүү фабрикасы, Курск жана Харьков трикотаж фабрикалары, Ростовдон беш бут кийим фабрикасы, бир нече кант заводдору, спирт заводу, Курск облусунун механикалык-ремонт заводу, Киев бут кийим тигүүчү фабрикасы ж. б. болгон.

1942-жылы фашисттик Германиянын чабуулунун күчөшү менен Кыргызстанга дагы 38 ири өнөр жай ишканалары көчүрүлгөн. Аларды жайгаштыруу, жумушчу күчү, чийки зат, энергия, транспорт менен камсыз кылуу боюнча өтө чоң иштер аткарылган. Эвакуацияланган ишканалардын 90 проценти Чүй өрөөнүнө, 10 проценти Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарына жайгаштырылган.

Кыргызстанда фронтко жакын жайгашкан райондордон эвакуацияланган калкты жайгаштыруу боюнча да өзгөчө чоң иш-аракеттер жүргүзүлгөн. 1941-жылдын июлунан 1942-жылдын январына чейин эле Кыргызстанга 61,8 миңден ашуун адам келген. 1942-жылдын аягына чейин дагы 138,9 миң киши эвакуацияланган. Булардын көбү Москва шаарынан, Москва, Ленинград облустарынан, Украина менен Белоруссиядан, алыскы Литвадан, Карель-Фин ССРинен, Курск, Орёл, Тула, Ростов, Воронеж, Сталинград аймагынан, Крымдан, Ставрополь жана Краснодар крайларынан келишкен. Мындан тышкары Кыргызстанга Польшанын 12,9 миң жараны эмиграцияланган.

Эвакуацияланган калкты кабыл алуу, жайгаштыруу, ишке орноштуруу үчүн республикалык, облустук жана райондук комиссиялар түзүлүп, аларга практикалык жардамдарды көрсөтүшкөн. Эвакуацияланган элге Кыргызстандын эли колунан келишинче жардам берген. Алардын биргелешкен эмгеги согуш маалында фронттун муктаждыктарын канааттандырууга жумшалган.

Согуштун алгачкы мезгилинде эле Кыргызстанда өнөр жай өндүрүшүндө электр энергиясы жетишсиздик кылган. Калкка берилүүчү энергия чектелген. Бул маселени чечүү үчүн Чоң Чүй каналы курула баштап, токтоп калган Лебединовка ГЭСин бүткөрүү үчүн 1942-жылдын 6-июнда иш башталып, 1942-жылдын аягында ГЭС ишке киришкен.

Фашисттик баскынчылар өлкөнүн көмүр кендерин, шахталарды басып алгандыгына байланыштуу, көмүр өндүрүү түйшүгү да Чыгышка жүктөлгөн. Бул маанилүү ишти күчөтүү үчүн Кызыл-Кыянын, Сүлүктүнүн, Көк-Жаңгактын, Таш-Көмүрдүн кенчилери “Кыргыз Көмүр” трестине бириктирилген. Кыргызстандын шахтерлору нормаларын 150 проценттен кем эмес аткарууга аракеттенишкен. Күнүнө 2–3 норма аткарган шахтерлордун саны өскөн. 1942-жылы көмүр казып чыгаруудагы кужурмөн эмгектери үчүн 24 кенчи СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланышкан.

Тылдын эмгекчилери согуштун биринчи күндөрүнөн эле жеңиш үчүн өздөрүнүн болгон күчтөрүн аябастан эмгектенүүгө өтүшкөн. Тылда фронттогудай иштөө үчүн Фрунзедеги жаштардын демилгеси менен фронттук бригадалар түзүлгөн. Бул кыймыл республикада кеңири кулач жайган. Фрунзе механикалык заводунун темир устасы М. Чернышев сменалык нормасын 1171 процентке аткарууга жетишкен. Көп өтпөй Ж. Мамбетов нормасын 1197 процентке аткарат. Ошентип, республикада миңчилердин кыймылы башталган.

Согушка байланыштуу токтоп калган Чоң Чүй каналын казуу иши 1942-жылы майда кайра башталып, анда эмгектенген карапайым эл согуш жылдары каналдын 80 *км* аралыгын бүтүрүшүп, 450 миң кубометр топуракты казып чыгарышкан. 1943-жылы Беловодск, Ново-Троицк, Токмок кант заводдору ишке киришкен. Республикада суткасына 55 миң тонна кант чыгарыла баштаган. Кара-Балтадагы спирт заводу, Токмоктогу консерва заводу, Фрунзеде жаңы нан заводу жана 2 май заводу, Ворошилов ГЭСи, Канттагы цемент заводу эксплуатацияга берилген. 1941–43-жылдары сымап – 10 эсе, сурьма эки эсе көп өндүрүлгөн. 1943–44-жылдары

Хайдаркен сымап комбинаты төрт жолу республикалык өтмө Кызыл Тууну жеңип алган. 1945-жылы Фрунзе инструменталдык заводу Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кыргызстанда 36 ири өнөр жай ишканалары ишке киришип, жаңы тармактар пайда болгон. Жумушчулардын саны согуш мезгилинде 36 миңден 46 миңге өскөн. Кыргызстандын эл чарбасында өнөр жайынын үлүшү 1940-жылы 50,2 проценттен, 1945-жылы 67,5 процентке өскөн.

Согуш жылдарында согуштук-чарбалык жүктөрдү ташууда транспорт маанилүү иштерди аткарган. 1943-жылы октябрдан баштап Кант – Рыбачье темир жолу курула баштаган. Телефон байланышы жакшырган. Кыргызстандын жумушчу табы согуш мезгилинин талаптарын ийгиликтүү аткарышып, жеңишти камсыз кылууда татыктуу салым кошушкан.

**Айыл чарбасынын фронт үчүн кызматы.** Согуштун башталышында өнөр жайы гана эмес өлкөнүн айыл чарбасы да чоң кыйроого учурады. Душман өлкөнүн эгин өндүргөн аянттарынын 38, кант кызылчасы эгилген жерлердин 84 процентин, бодо малдын 38, чочконун 60 процентин басып алган. Айыл чарбасында иштеген тракторлор, ат күчү фронтко алынган. Айыл-кыштактардагы эр бүлөлөрдүн көбү фронтко аттанган. 1942-жылы республиканын айыл чарбасында эмгектенген эркектер 51 процентке азайган. Айыл чарбасынын түйшүгү бүт бойдон аялдардын, балдардын, кары-картаңдардын мойнуна жүктөлгөн. Алар күндүр-түндүр фронт үчүн эмгектенишкен. Республиканын даярдоочу пункуттарында "Эгиндин ар бир тоннасы – фашисттердин лагерине ташталган снаряд!" – деген девиз менен эгин тынымсыз даярдалып турган. 1941-жылы республикада 203,6 миң *т* эгин топтолгон. Бул 1940-жылга салыштырмалуу алда канча көптүк кылган.

1942-жылы өлкөнүн айыл чарбасы өтө оор абалга дуушар болгон. СССР эгинге жана малга бай Украинадан, Дондон, Крым менен Кубандан ажыраган. Фронтту азык-түлүк менен жабдууда негизги милдет Чыгышка, Орто Азия менен Казакстанга жүктөлгөн. Айыл чарбасына жетекчиликти күчөтүү үчүн МТСтерде жана совхоздордо саясий бөлүмдөр түзүлгөн. Айыл чарбасынын эмгекчилери болуп көрбөгөндөй кужурмөндүүлүктү көрсөтүшкөн. Чарба жумуштарын аткарууда норманы ашык аткаруу салтка айланган. Техниканын жетишсиздигинен көп жумуштар кол менен бүтүрүлгөн. Техникалык өсүмдүктөрдөн жогорку түшүм алууда Сокулук районунун "Кызыл Аскер" колхозунун **Керимбүбү Шопокова** жетектеген зве-

носу айырмаланган. 1942-жылы алар пландагы 210 *центнердин* ордуна, ар гектардан 684 *центнер* кант кызылчасын өстүрүшкөн. Чүй районунун “Кайырма” колхозунан А. Жолдошбаеванын звеносу гектарынан 565 *центнер* кызылча өстүргөн. Ош облусунун Нариманов атындагы колхозу пахтанын гектарынан 23,3 *центнер* түшүм алган. Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Сталин атындагы колхоздун И. Исмаилова жетектеген звеносу пахтанын ар гектарынын түшүмдүүлүгүн 35 *центнерге* жеткирген.

Дыйканчылыктын түшүмдүүлүгүн арттыруу үчүн күрөш согуштун кийинки жылдары да күчөгөн. Бул багытта кызылчачылар З. Кайназарова, Ш. Тезекбаева, пахтачылардан Ө. Атабекова, Х. Таширов ж. б. өзгөчө айырмаланышкан.

Согуш жылдары республиканын мал чарбачылыгын өстүрүүгө көп көңүл бурулган. Кыргызстандын мал чарбачылыгында 1941–42-жылдары өсүш байкалган. 1942-жылы малдын башы 1940-жылга салыштырмалуу 20,6 процентке өскөн. Натыйжада бул жылдары фронтко эт жөнөтүү боюнча республика мамлекеттик пландарды ашыгы менен аткарып турган. СССРдин ЭКСи 1942-жылдын жыйынтыгында мал чарбасын өстүрүүдөгү Кыргыз ССРинин иштерин канааттануу менен белгилеген.

Мал чарбасын өстүрүүдө ийгиликтер согуштун кийинки жылдарында да байкалган. Республиканын кайратман малчылары 1943–45-жылдары эт, сүт, жүн боюнча мамлекеттик пландарды аткарууга жетишкен. Ошону менен бирге согуш жылдары Кыргызстанда бодо малдын, кой-эчкинин башы көбөйгөн. Фронттун муктаждыгына жөнөтүлгөндүктөн, жылкы азайган. Бирок колхозчулардын көпчүлүгү өздүк көмөкчү чарбаларда мал бага албай калган. Натыйжада 1945-жылы колхозчулардын өздүк чарбаларынын 46 процентинде уй, 69,1 процентинде кой-эчки, 93 процентинде жылкы болгон эмес.

Улуу Ата Мекендик согуш Кыргызстандын айыл чарбасын бүлгүнгө учураткан. Алсак, ири мүйүздүү малдын саны 1941-жылы январда, 555,4 миң болсо, 1946-жылы 1-январда 440,3 миңди түзүп, да 18 процентке азайган. Чочколордун саны ушул мезгилде 87,2 миңден 19,4 миңге (70%), кой-эчкинин саны 2529,1 миңден 2272,3 миңге (12%), жылкы 407,7 миңден 209,2 миң башка же 29% азайган.

Кыргызстандын айыл чарбасынын дүң жыйымы 1940–45-жылдары 76 процентке, анын ичинен мал чарба продукциясы 71 процентке төмөндөгөн. Согуш жылдарында мамлекетке эгин өткөрүү 207,7 миң *т* 24,5 миң *т*, тамеки 3,2 миң *т* 1,7 миң *т*, картөшкө 11,7 миң *т* 3,6 *т* азайган.

Кыргызстандын айыл эмгекчилери оор кыйынчылыктарга карабастан фронттогу жоокерлерди азык-түлүк менен, өнөржайды чийки зат менен камсыз кылууда зор кайраттуулукту көрсөтүшкөн.

**Кыргызстандыктардын фронтко жалпы элдик жардамы.** Кыргызстандын тылдагы эмгекчилери фронтко өнөр жайдагы, талаалардагы, мал чарба фермаларындагы кайратман эмгектери менен гана жардам бербестен, жеке каражаттары аркылуу да жардам көрсөтүшкөн. Өздөрү материалдык жактан кыйынчылыкта жашап жаткандарына карабастан, карапайым калк фронт үчүн өздөрү чогулткан байлыктарын, эмгек акысынын бир бөлүгүн, баалуу буюмдарын, алтын, күмүш жасалгаларын, тамак-аш продукцияларын жөнөтүшкөн.

Согуштун биринчи эле күндөрүндө эмгекчилер бир, эки күндүк эмгек акыларын элдик коргонуу фондусуна которушкан. Кийин жумуш убактысынан тышкары, майрам жана дем алыш күндөрү иштеп, тапкан акчаларын коргонуу фондуларына жөнөтүү кыймылы күчөгөн.

Коргонуу фондусун түзүүгө колхозчу дыйкандар активдүү катышышкан. Ысык-Көл облусунун "Кереге-Таш" айыл чарба артелинин мүчөсү Т. Сатыбалдиев өз короосунан 50 койду коргонуу фондусуна берген.

## ДОКУМЕНТТҮҮ МАТЕРИАЛ

***1941-жылы 2-августта "Советская Киргизия" газетине жарыяланган Ысык-Көл облусунун "Кереге-Таш" айыл чарба артелинин мүчөсү Токтосун Сатыбалдиевдин катынан:***

"Биздин Ата Мекенге жек көрүмчү душман кол салды. Анык фашисттер орустарды, кыргыздарды, украиндерди, белорустарды, өзбектерди, казактарды – биздин өлкөнүн бардык элдерин өздөрүнүн кулдарына айлантууну көздөшүүдө. Эч убакта андай болбойт! Совет эли эмне үчүн согушуп жатышкандыктарын билишет. Мурун кедей болгом. Жалгыз атым да жок эле. Азыр өзүмдүн 200 коюм бар. Колхоздо чабан болуп эмгектенем, коомдук малды кайтарам. Бакыбат турмушта жашайм. Өзүмдүн өздүк чарбамдан Ата Мекенди коргоо фондуна 50 коюмду беремин".

Элдин ушул өңдүү демилгесин колдоо үчүн Фрунзедеги СССР Мамлекеттик банкында № 14-эсеп ачылган. 1941-жылы августта эле бул эсепке элден 2007 миң, сентябрда – 1670 миң, октябрда – 1579

миң сом түшкөн. Жылдын аягында фондуга 9090 миң сом, 38,9 *кг* алтын жана күмүш, 16117 миң сом мамлекеттик зайымдын (заёмдун) облигациясы, 11862 *ц* эгин, 2479 *ц* эт, 1798 *кг* май түшкөн. Кыш мезгилинин келиши менен фронтко жылуу кийим жөнөтүү демилгеси күч алган.

Фрунзе облусунун Ворошилов районунун Ленин атындагы колхозунун колхозчулары 1941-жылы октябрда коргонуу фондусуна өздөрүнүн менчик бодо малынан бирден семиртип берүү демилгеси менен чыгышкан. Ушул эле райондун "Кызыл Аскер" колхозунун мүчөлөрү колхоздун 50 күлүк атын фронтко берүүнү чечишкен. Бул демилге республикага тез тараган. Тянь-Шань облусунун Кочкор районунун колхозчулары 835 жылкы, Ат-Башы району 400 жылкы, андан тышкары 300 миң сомдук ат жабдыктарын жөнөткөн.

1941-жылы октябрь – ноябрда Фрунзе облусунун Сталин атындагы колхозунун мүчөлөрү "Күнөстүү Кыргызстан" деген истребителдердин эскадронун түзүү үчүн каражат чогултуу демилгеси менен чыккан. Бул демилге күчтүү колдоого ээ болгон.

1941-жылы ноябрда Фрунзедеги эт комбинатынын жаштары "Кыргызстан комсомолу" аттуу танк колоннасын түзүү үчүн каражат чогултууну башташкан. Тянь-Шань облусунун Кочкор районундагы "Арал" колхозунан Ч. Жаныбаев танк куруу үчүн өз ыктыяры менен 65 миң сом кошкон. Бул салымы үчүн ал Кызыл Армиянын командачылыгынан Кыргызстанда биринчи болуп алкыш алган. Анын жолун жолдогон Ош облусунун Куршаб районунда Ленин атындагы айыл чарба артелинин мүчөсү О. Кулматов танк курууга 125 миң сом жөнөткөн. Бул кыймыл Ата Мекендик согуштун аягына чейин улантылган. 20 баланын энеси, 75 жаштагы Б. Бегалиева – 55 миң, 14 баланын энеси Ж. Жусубалиева – 30 миң, 7 баланын энеси С. Ибраимова – 105 миң сом ж. б. танк курулушуна жөнөтүшкөн. Кыргызстандын жаштары танк колоннасы үчүн 15 *млн* сом чогултушкан, анын 3 *млн* сомун мектеп окуучулар топтогон. Согуш мезгилинде Кыргызстандын эли азык-түлүк, кийим-кече ж. б. жардамдарды эсептебегенде 93 танк же 186 согуштук самолет жасаганга жеткидей акча каражатын чогулткан. Бул каражатка түзүлгөн "Советтик Кыргызстан" аттуу танк колоннасы 1942-жылдын ноябрынан немецтик баскынчыларга сокку ура баштаган.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кыргызстандын эли коргоо фондусуна 189 *млн* сом чогултуп жөнөткөн, 57,3 млн мамлекеттик зайымдын облигацияларын сатып алышкан. Кыргызстандан фронтко 195 вагон азык-түлүк, 550 миң жылуу кийим, 38 миңден ашуун жекече посылкаларды жөнөткөн.

Блокадада калган Ленинград шаарына кыргыз эли 1942–43-жылдары 100 вагондон ашык азык-түлүк жөнөткөн. Республиканын колхоздору менен совхоздору коргоо фондусуна пландан тышкары 4,5 *млн* пуд эгин, 500 *миң* пуд эт өткөрүшкөн.

Кыргызстандын эмгекчилери фашисттик баскынчылардан бошотулган элдерге да көмөк көрсөткөн. Алар үчүн республиканын колхоздору менен совхоздору 130 миң баш бодо мал, кой жана эчкилерди акысыз жөнөтүшкөн.


А. Н. Бернштам

## УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ

**Илим.** Кыргызстандын интеллигенттеринии ичинен 15736 адам согушка жөнөтүлүп, ар кайсы фронттордо душман менен салгылашышкан.


К. Юдахин

Тылдагы окумуштуулар мекенди коргоого зарыл согуштук-экономикалык милдеттерди чечүүнүн үстүндө эмгектенишкен. Согуш мезгилинде республиканын 13 илим-изилдөө мекемелеринде 323 илимий кызматкер иштеген. Анын 13ү илимдин доктору, 45и илимдин кандидаты болгон. Кыска мөөнөттүн ичинде эле алар өздөрүнүн иштерин фронттун керектөөлөрү үчүн ыңгайлаштырышкан. Эвакуацияланган окумуштуулардын эсебинен республиканын илимий кадрлары чыңдалган. Академиктер А. Бах, А. Борисяк, техника илимдеринин докторлору М. Келдыш, тарых илимдеринин доктору А. Бернштам, филология илимдеринин доктору **К. Юдахин** сыяктуу окумуштуулардын келиши менен республиканын окумуштууларынын сапаты жогорулаган.


К. И. Скрябин

Кыргызстандын геологдору согуштук маанидеги кен байлыктарды изилдеп табууда көп иштерди аткарышкан. Алар 1941–44-жылдары 321 экспедиция уюштурушуп – түстүү металлдын 110, 71 көмүр, нефть, 8 металл кендерин аныкташкан. Натыйжада республикада 20


А. Токомбаев


Т. Уметалиев


Ж. Турусбеков

пайдалуу кендер ачылган. Кыргызстанда табылган сымап, сурьма, фольфрам ж. б. сейрек кездешүүчү кендер стратегиялык чоң мааниге ээ болгон.

Фрунзеге эвакуацияланган СССР Илимдер академиясынын биология бөлүмү, Кыргызстандын илим-изилдөө мекемелери менен бирдикте согуштук жана экономикалык маанидеги маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. СССР ЭКСтин 1943-жылы 5-январдагы чечими боюнча СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын ачылышы республикада илим-изилдөө иштеринин өнүгүшүнө чоң өбөлгө болгон. Филиал 1943-жылы 13-августа ачылып, анын председателдигине академик **К. И. Скрябин**, орун басарлыгына Ж. Шүкүров менен В. Масенко, окумуштуу катчылыгына П. Власенко шайланган. Филиалда 158 окумуштуу, анын ичинде СССР Илимдер академиясынын бир академиги, бир корреспондент-мүчөсү, 12 илимдин доктору, 22 илимдин кандидаттары эмгектене баштаган.

Филиал өзүнүн бардык иштерин Кыргызстандын ресурстарын өлкөнү коргоо муктаждыктарына жумшоо багытында жүргүзгөн. Н. Сытый жетектеген Химия институту жардыруу иштеринин жаңы ыкмасын иштеп чыккан. Коомдук илимдердин өкүлдөрү аскердик-патриоттуулук, Атамекенди коргоо, пролетардык интернационализм, согуштун маңызы, мааниси боюнча изилдөөлөрдү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн. 1944-жылы К. Юдахиндин редакциясы менен 40 миң сөздөн турган биринчи “Орусча-кыргызча сөздүк” басылып чыккан. «Манас» эпосун чогултуу жана изилдөө боюнча иштер улантылган.

**Адабият жана искусство фронттун кызматында.** Фашисттик баскынчыларга каршы согушта адабият менен искусство маанилүү идеялык курал болгон. Кыргызстан Жазуучулар союзунун М. Элебаев, Т. Үмөталиев, Ж. Ашубаев, Н. Чекменов, Я. Шиваза,

Ж. Турусбеков, У.Абдукаимов ж. б. көптөгөн мүчөлөрү фронтко аттанышкан. Алардын айрымдары аскердик бөлүктөрдө саясий жетекчи, басма сөздүн адабий кызматкерлери болуп иштешкен. Советтик патриотизм, Ата-Мекенди коргоо, жоокерлердин эрдиктери, тылдагы эмгекчилердин каарман эмгеги кыргыз жазуучуларынын ошол учурдагы негизги темалары болуп калган. А. Токомбаевдин «Ашырбай», К. Жантөшевдин «Чолпонбай» поэмалары, А. Осмоновдун «Ант», К. Маликовдун «Менин Кавказым» Т. Үмөталиевдин «Үчөө», Ж. Бөкөнбаевдин «Ажал менен ар намыс», Т. Сыдыкбековдун «Артиллеристтер» ж. б. чыгармалары элди туруктуулукка, жаңы эрдиктерге чакырып, жеңиштин камсыз болоруна ишендирген.



Ж. Бөкөнбаев



К. Жантошев



А. Осмонов

**Кыргызстандын артисттери** согуштун алгачкы айларынан эле өздөрүнүн эмгектери менен жеңишке салым кошууга аракеттенишкен. Кыргызстандык артисттердин бригадалары 1941-жылдын июлунан 1942-жылдын 1-апрелине чейин фронттогу жоокерлерге, аскерге жөнөтүүчү пункуттарда, госпиталдарда 763 концерт коюшкан. 1941-жылы ноябрда Улуу Ата Мекендик согушка арналган «Патриоттор» аттуу кыргыз операсынын биринчи премьерасы болгон. Музыкалык театрдын артисттеринин жетишкендиктери эске алынып, 1942-жылы 17-августта бул театр Кыргыз Мамлекеттик опера жана балет театры болуп кайрадан түзүлгөн. Театрда 1942-жылы ноябрда “Көкүл”, бир жылдан кийин декабрда «Ким кантти?» опералары, 1944-жылы «Чолпон» балети коюлган. Согуш аяктаганга чейин бул театрдын артисттери жоокерлердин, тылдагы эмгекчилердин алдында 750 концерт беришкен.

Фронт менен тылдын байланышын чыңдоодо Кыргыз искусствосунун өнөрпоздорунун фронтторго уюштурган гастролдору маанилүү роль ойногон. 1942-жылы 7 концерттик-театрдык бригада

уюштурулуп, 1944-жылга чейин алар фронттогу жоокерлердин алдында 2500 концерт беришкен.

1941-жылы июлда Кыргыз драма театры уюштурулуп, согуш жылдарында өнүккөн. 1942-жылы октябрда анда А. Токомбаевдин Ата мекендик согушка арналган «Ант» деген пьесасы коюлган. 1943-жылы Опера жана балет театрынын драмалык бөлүмү Кыргыз Мамлекеттик драма театры болуп бөлүнүп чыккан. 1944-жылы январда анда «Курманбек» пьесасы коюлган. Кийинки жылдары бул театрда «Орус адамдары», «Фронт», «Полководец Суворов», «Текшерүүчү», «Король Лир» пьесалары коюлган.



Т. Сыдыкбеков

Согуш жылдары Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү да өскөн. С. Чуйковдун «Ата Мекен үчүн», «Чолпонбайдын портрети», А. Игнатовдун «Фронтко узатуу», «Эне менен жолугушуу», «Фронттон келген конок», Г. Айтиевдин «Фронттон кат», И. Гальченконун «БЧК курулушунда», «Жайлоодо», Л. Ильинанын «Кызылча отоо», С. Акылбековдун «Колхоз кароолчусу» ж. б. чыгармалары согуш мезгилиндеги элдин турмушун чагылдырган. Ошентип, республиканын адабияты менен искусствосу элдик жеңишке өздөрүнүн салымдарын кошуу менен, чыгармачылыктын жаңы баскычтарына көтөрүлгөн.



К. Маликов



С. А. Чуйков



«Фронттон кат». *Г. Айтиев*

**КЫРГЫЗСТАНДЫК СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЛАРЫ**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Азимов Розы | 1925-2006 |
| 2. | Али-Назаров Садык | 191.-1969 |
| 3. | Ананьебв Николай Яковлевич | 191.-1941 |
| 4. | Аукционок Пётр Антонович | 1922-1943 |
| 5. | Асаналиев Жумаш | 1923-1944 |
| 6. | Асанов Дайыр | 1922-2009 |
| 7. | Афанасьев Михаил Денисович | 1923-1986 |
| 8. | Бабкин Михаил Николаевич | 1922-1959 |
| 9. | Бегельдинов Талгат Якубекович | 1922-2014 |
| 10. | Беляндра Василий Яковлевич | 1914-1967 |
| 11. | Волковенко Афанасий Иванович | 1907-1944 |
| 12. | Ванахун Мансуз | 1907-1943 |
| 13. | Выглазов Григорий Исаевич | 1919-1942 |
| 14. | Гавриш Иван Фомич | 1920-... |
| 15. | Гадельшин Хамит Габдуллович | 1923-2000 |
| 16. | Гришин Иван Аленксандрович | 1918-2006 |
| 17. | Дмитриев Николай Михайлович | 1917-1981 |
| 18. | Добробабин Иван Естафевич | 1915-... |
| 19. | Жаркымбаев Казак | 1911-1969 |
| 20. | Жумабаев Ташмамат | 1924-1995 |
| 21. | Зверев Николай Александрович | 1921-1991 |
| 22. | Кайкин Василий Матвеевич | 1910-1945 |
| 23. | калашников Николай Семёнович | 1913-1944 |
| 24. | Колесников Пётр Федосеевич | 1922-1945 |
| 25. | Конкин Григорий Ефимович | 1911-1941 |
| 26. | Красильников Иван Павлович | 1910-1968 |
| 27. | Кривощёков Алексей Александрович | 1907-1945 |
| 28. | Крикун Василий Гаврилович | 1918-2007 |
| 29. | Курочкин Ефрем Георгиевич | 1921-... |
| 30. | Лутфуллин Сульги | 1923-... |
| 31. | Лященко Николай Григорьевич | 1910-2000 |
| 32. | Мазков Евдоким Константинович | 1922-1977 |
| 33. | Мариныч Иван Иванович | 1915-2000 |
| 34. | Мирошниченко Николай Прокофьевич | 1920-1945 |
| 35. | Михайленко Евгений Ефимович | 1920-1944 |
| 36. | Москаленко Иван Васильевич | 1912-1941 |
| 37. | Немцев Иван Спиридонович | 1923-1997 |
| 38. | Николенко Павел Фёдорович | 1914-1983 |
| 39. | Овчаров Степан Семёнович | 1909-1943 |
| 40. | Оторбаев Асанбек | 1925-1945 |

41. Пантелеев Гавриил Фролович 1923-1979
42. Панфилов Дмитрий Иванович 1913-1985
43. Панфилов Иван Васильевич 1893-1941
44. Пасько Евдокия Борисовна 1919-...
45. Петренко Григорий Алексеевич 1909-1941
46. Петрищев Василий Петрович 1923-...
47 Пичугин Дмитрий Николаевич 1904-1947
48. Пономарёв Иван Семёнович 1922-1943
49. Пономарёв Павел Сергеевич 1924-1990
50. Решетник Иван Семёнович 1924-1968
51. Роденко Константин Герасимович 1923-1985
52. Романютин Александр Иванович 1924-2006
53. Рудь Николай Михайлович 1922-1978
54. Садыков Самат 1920-1945
55. Сапожников Михаил Григорьевич 1905-1964
56. Свечников Павел Семёнович 1925-1944
57. Степаненко Василий Васильевич 1923-1945
58. Сухин Семён Захарович 1905-1971
59. Сухов Василий Иванович 1910-1945
60. Сущев Степан Захарович 1914-2008
61. Тайгараев Тукубай 1923-1944
62. Таранчиев Ысмайылбек 1923-1944
63. Тешебаев Мамасалы 1923-1984
64. Титов Андрей Алексеевич 1905-1981
65. Тихонов Григорий Матвеевич 1912-1944
66. Трясин Ерминингельд Васильевич 1911-1982
67. Түлөбердиев Чолпонбай 1922-1942
68. Үсөнбеков Калыйнур 1921-2003
69. Фуковский Александр Васильевич 1920-1997
70. Хименко Андрей Максимович 1915-1944
71. Царенко Лаврентий Иванович 1914-1976
72. Цинделис Берелис Израилевич 1916-1944
73. Чортеков Анварбек 1920-1989
74. Шемякин Григорий Мелентьевич 1906-1973
75. Шопоков Дуйшөнкул 1915-1941
76. Якубов (Жакыпов) Осмон 1925-2006

**ДАҢК ОРДЕНИНИН ТОЛУК КАВАЛЕРЛЕРИ**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Абрамов Алексей Фёдорович | 1925-2010 |
| 2. | Аубакиров Маннаф Аубакирович | 1926-1945 |
| 3. | Бадигин Михаил Петрович | 1923-2000 |
| 4. | Байтурсунов Насыр | 1918-1995 |
| 5. | Бейшеев Үсөн | 1922-1982 |
| 6. | Бокарев Иван Васильевич | 1923-... |
| 7. | Буханцев Кирилл Иванович | 1919-1984 |
| 8. | Ветриков Алексей Георгиевич | 1922-1980 |
| 9. | Глотов Николай Тимофеевич | 1923-... |
| 10. | Гудеменко Николай Иванович | 1924-1969 |
| 11. | Дудко Фёдор Иванович | 1903-1981 |
| 12. | Исманов Хусаин | 1924-1956 |
| 13. | Иванов Мстислав Борисович | 1924-... |
| 14. | Кадыркулов Ыдырыс | 1917-2014 |
| 15. | Карымшаков Абдыкасым | 1909-1984 |
| 16. | Куров Василий Иванович | 1915-1997 |
| 17. | Ольховский Владимир Сергеевич | 1925-1994 |
| 18. | Осмонов Чынтемир | 1923-1969 |
| 19. | Парпиев Абдурашид | 1914-1987 |
| 20. | Сидлер Давид Мордкович | 1905-1974 |
| 21. | Темляков Дмитрий Андреневич | 1924-1981 |
| 22. | Фильчаков Михаил Иванович | 1910-... |
| 23. | Шатманов Масалбек | 1919-1987 |
| 24. | Орешников Владимир Михайлович | 1924-... |
| 25. | Герасимов Михаил Кузьмич | 1924-... |
| 26. | Ковпак Алексей Павлович | 1918-... |
| 27. | Энгиноев Дуда Эдеевич | 1919-... |
| 28. | Плотников Дмитрий Тарасович | 1923-... |
| 29. | Шышкин Аркадий Дмитриевич | 1914-2003 |
| 30. | Буланаков Дмитрий Григорьевич | 1924-1975 |



## СОҢКУ СӨЗ ОРДУНА

Мен, туулуп өскөн Маданият айылынын тарыхы кыргыз айылдарынын көпчүлүгүнүн тарыхын чагылдырат десем жаңылышпайм. Маданият айылы Чүй облусунун Чуй районунда жайгашкан чакан айыл. Бул айылда азыр 150 түтүн эл жашайт. Биздин айыл Совет бийлигинин 1920-жылдардагы көчмөн элди отурукташтыруу саясатынын мезгилинде пайда болгон. Жаңы уюшулган чарба "Жарбаң" колхозу деп аталган. Анткени айылдын калкынын бары XVII кылымдын биринчи жарымында Кыргызстандын түндүгүн бийлеп, калмак баскынчылары менен күрөштүн башында турган, кыргыз элинин Сарыбагыш уруусунан чыккан даңазалуу Манап бийдин түң уулу Жарбаң  баатырдын тукуму болгон.

Жаңы уюшулган колхоздун эмгекчилери өздөрүнө  тийешелүү бир миң гектар айдоо жерин өздөштүрүүдө башка чарбаларга үлгү болгон. Натыйжада  "Жарбаң"  колхозу 1929-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн Кызыл Туусу жана  "Фордзон" маркасындагы жаңы трактор менен сыйланган. Сыйлык тапшыруу аземинде республиканын өкмөтүнүн сунушу менен бул үлгүлүү колхозго  "Маданият" деген жаңы ысым ыйгарылгын. Буга шыктанган маданияттыктар бекем уюшкандык, мээнеткечтик жана ынтымак менен аракетти күчөткөн.

Биздин ата-энелерибиздин тынч, жигердүү эмгегин каргашалуу согуш бузган. Мекенди коргоо үчүн биздин 50 түтүндөн ашпаган чакан айылдан 85 эр-азамат майданга аттанган. 3-4 адамды фронтко жөнөткөн үй-бүлөлөр болгон. Биздин айылдан барган жоокерлер улуу бабалары Манап бий менен Жарбаң баатырдын урпактары катары душман менен бетме-бет салгылаштарга катышкан. Эрдиктери үчүн алардын көпчүлүгү ордендер жана медалдар менен сыйланган.

Тилекке каршы, биздин айылдан майданга аттангандардын 70 проценти кайтпай калган. Айрымдары дайынсыз жок болгон. Согуштан кайтып келгендердин дээрлик баары ар кандай деңгээлде жарадар болгон. Ошого карабастан алар колхоздун  өнүгүшүнө салым кошуп,  үй-бүлө күтүп уул-кыздарды тарбиялаган.

Мен, Ата Мекендик согушка атам **Осмонов Жусупбек**тин катышканына сыймыктанам. Ал 1921-жылы туулган. Фрунзедеги педагогикалык техникумду бүтүрүп, Чүй районунун Кызыл Аскер мектебинде директор болуп иштеп жатканда, 1942-жылы фронтко жөнөтүлгөн. 1942-1943-жылдагы кан күйгөн Ржев салгылашына катышкан. Пулеметчу. 1943-жылы март айында Ржев шаарын бошотууда оор жарадар болгон. Алты ай госпиталда дарыланып, айылына кайткан. Колхоздо жетекчи кызматтарда иштеген. Апам



Менин атам менен апам. 1961-жыл.

Үкүй (Үммүкүлсүм) менен бирге 10 баланы тарбиялап өстүргөн. Апамдын толук аты Үммүкүлсүм экенин кийин билдим. Мухаммед пайгамбар кыздардын бирине ушундай ат койгон экен. Араб тилинен которгондо Үммүкүлсүм - ай чырайлуу эне дегенди түшүндүрөт. Апамдын заты атына дал келчү. Уул-кыздарынын бары жогорку жана атайын орто билимдүү адистер катары эмгектенип келүүдө. Азыр балдарынын экөө (Өскөн менен Ысман) илимдин докторлору, профессор, КРнын илимине эмгек сиңирген ишмерлер. Дагы бир уулу (Бостон) КРнын эмгек сиңирген куруучусу, архитектор.

Өкүнүчтүүсү, азыркы учурда айылыбызда Улуу согушка катышкан аталарыбыз, алар менен жашаган энелерибиз калбай калды. Бирок, алар тарбиялаган уул-кыздар ата-энелернин жолун улантып, айылынын, ал тургай Кыргызстандын өнүгүүсү үчүн салым кошуп келүүдө. Мекенди коргогон ата-энелеренен жакшы тарбия алгандардын ичинен белгилүү окумуштуулар, профессорлор, мамлекеттик жогорку сыйлыкка татыктуу болгон ишмерлер, генералдар, мамлекеттик кызматкерлер, эмгек сиңирген врачтар, белгилүү курулушчулар, жөндөмдүү ишкерлер ж.б. чыкты.

## МАДАНИЯТ АЙЫЛЫНАН 1941-1945 ЖЫЛДАРЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШКА КАТЫШКАНДАР

1. Алымкулов Аман
2. Ажыбеков Абдыкадыр
3. Атагозуев Чечей
4. Атагозуев Жамболот
5. Айтиев Дүйшөмбай
6. Абдылдаев Жусуп
7. Адигинеев Акимбек
8. Абдысаков Мама
9. Байзаков Шаршеке
10. Бөкөмбаев Ногойбай
11. Баймуратов Султангазы
12. Баймуратов Мандалак
13. Баймуратов Молдогазы
14. Байтемиров Абыке
15. Дүйшөналиев Абдил
16. Дүйшөналиев Садык
17. Жусупов Жалил
18. Жаркымбаев Садык
19. Жаркымбаев Болотбек
20. Жийдебаев Майлыбай
21. Жунушалиев Абдырашит
22. Жунушалиев Аппас
23. Жунушалиев Муташ
24. Жунушалиев Чаар
25. Казыбаев Үсөн
26. Казыбаев Абдылда
27. Кененбаев Кубат
28. Кумүшбаев Сатыш
29. Курманов Бапы
30. Кутманалиев Ажыке
31. Кыдыралиев Сатар
32. Мадемилов Бектемир
33. Маленов Искендер
34. Мамытов Ысак
35. Мангиев Ишеке
36. Мангиев Кожеке
37. Матмузаев Токтошалы
38. Молдокеримов Шарип
39. Молдобаев Молдоакмат
40. Мырсалиев Абдылдабек
41. Нурмамбетов Жумалы
42. Опоев Тайыр

43. Осмонов Жусупбек
44. Осмонов Кубат
45. Осмонов Аскарбек
46. Сыдыков Мухамеджан
47. Сыдыков Асанкул
48. Сатыбалдиев Абдырасул
49. Суранчиев Асан
50. Сопубаев Бейшенбай
51. Саматбаев Бектурган
52. Сагымбаев Абиир
53. Сагымбаев Жапар
54. Сакембаев Санжар
55. Самсаев Төлө
56. Самсаев Шарше
57. Сейталиев Абдыкас
58. Сейталиев Ысырайыл
59. Сейтказиев Алымбек
60. Сейтказиев Өмүрбек
61. Сейтказиев Сайнике
62. Сейтказиев Бака
63. Султанов Кемел
64. Султанов Борбаш
65. Токоев Мажит
66. Төкөшев Өмүрбек
67. Турусбеков Абын
68. Турусбеков Казыбек
69. Турусбеков Ормуш
70. Токтоноев Абдыш
71. Тыналиев Белек
72. Тыналиев Керимбек
73. Тыналиев Мамбетказы
74. Тынымсеитов Наамат
75. Чоргоев Касым
76. Чынышбаев Абакир
77. Чынышбаев Абылмеис
78. Шаршеналиев Токомбай
79. Шаршекеев Бакас
80. Шаршеев Жекшен
81. Ырсалиев Бегалы
82. Ысаков Омор
83. Ысмаилов Асан (Акбалбан)
84. Ысмайылов Бакас
85. Эшбаев Абдылда

**Биз маданияттыктар, бул аталарыбыз менен сыймыктанабыз жана алардын рухунун алдында башыбызды ийип таазим кылабыз.**




Маданият айылында Ата Мекендик Согушка катышкандарга тургузулган эстелик. 1997-ж.

*Демилгечиси жана демөөрчүсү КРнын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын ээси, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, техника илимдеринин доктору, профессор* ***Салмор Аманович Алымкулов.***

**МАЗМУНУ**

АЛГЫ СӨЗ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕР АЛГАЧКЫ САЛГЫЛАШУУЛАРДА . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5

КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕРДИН 1942–43-ЖЫЛДАРЫ САЛГЫЛАШТАРГА КАТЫШЫШЫ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 11

КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕР УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН АЯКТООЧУ МЕЗГИЛИНДЕ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21

ТЫЛДАГЫ КҮЖҮРМӨН ЭМГЕК . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 28

УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35

КЫРГЫЗСТАНДЫК СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЛАРЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 39

ДАҢК ОРДЕНИНИН ТОЛУК КАВАЛЕРЛЕРИ. . . . . . . . . . . . . 41

СОҢКУ СӨЗ ОРДУНА . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 42

МАДАНИЯТ АЙЫЛЫНАН 1941-1945 ЖЫЛДАРЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШКА КАТЫШКАНДАР . . . . . 44

Китептин жарыкка чыгышына демөөрчүлүк көрсөткөн "CA INVEST STROY" курулуш компаниясына терең ыраазычылык билдирип, иштерине зор ийгиликтерди каалайм.

Осмонов Өскөн Жусупбекович

Окуу басылмасы

# УЛУУ ЖЕҢИШКЕ 80 ЖЫЛ!

Жооптуу редактору профессор С. А. Алымкулов
Корректору Ш. К. Керимова
Фотографы С. А. Алымкулов
Техникалык редактору С. Урмукеев
Компьютердик калыпка салган Д. Мураталиев

Басууга 17.03.2025-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 3 басма табак. Нускасы 500 даана.

«Принт Экспресс» басма-полиграфиялык комплекс» ЖЧК
басмаканасында басылды Бишкек ш., Профсоюз көч., 49.

АССОЦИАЦИЯ ИСТОРИКОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О. Дж. ОСМОНОВ

# ВЕЛИКОЙ ПОБЕДЕ
# 80 ЛЕТ!




Бишкек – 2025

УДК 63,3 (Ки)
ББК 947.0
О-90

*Второе издание*

**Осмонов Ө. Дж.**

О-90 Улуу Жеңишке 80 жыл! Великой победе 80 лет! Окуу куралы; Учебное пособие – Б.: «Мезгил», 2025 – 100 с. (на кыргызском и русском языках).

ISBN 978-9967-21-075-25

В учебном пособии показаны ратные подвиги воинов Кыргызстана на фронтах Великой Отечественной войны и самоотверженный труд трудящихся республики в тылу. Вкратце отражено состояние науки и культуры в республике в годы великих битв.

Предназначено учащимся, студентам и педагогам, а также всем интересующимся историей Кыргызстана.

О 0503020911-25

ISBN 978-9967-21-075-25

УДК 63,3 (Ки)
ББК 947.0

© Осмонов О., 2025

*К 80-летию Победы Советского народа*
*в Великой Отечественной войне*
*посвящается*

## ПРЕДИСЛОВИЕ

Артиллерийские залпы московского салюта 9 мая 1945 года возвестили народам всей планеты об окончании кровопролитной войны в Европе, о полном сокрушительном разгроме советским народом и его Вооруженными Силами фашисткой Германии.

В 2025 году мы отмечаем 80-летие Великой Победы. Чем дальше отделяются от нас события суровых и героических дней, тем яснее и полнее предстает перед нами величие и значимость подвига, совершенного Советским народом в защите нашего общего отечества, тем нагляднее представляем мы и глубже осмысливаем значение этой великой победы.

Советский народ и его Вооруженные Силы отстояли свободу и независимость нашей общей Родины, они внесли решающий вклад в Победу над фашисткой Германией и ее союзниками, в освобождении народов Европы от фашистского рабства, с честью выполнили свой патриотический и интернациональный долг.

В великую Победу внес свой достойный вклад и кыргызский народ. В ратных подвигах на полях сражений, в партизанских отрядах и в самоотверженном труде в тылу проявили чувство ответственности за судьбу Родины, массовый героизм и ненависть к гитлеровским захватчикам.

9 – мая день Великой Победы, праздник, который для нас всегда был самым священным и дорогим праздником всех поколений. Это день гордости и вечной памяти, доблести воинов, отдавших свои жизни в Великой Отечественной Войне.

Время неумолимо, и с каждым годом становится все меньше участников и свидетелей тех страшных и героических лет.

В последние годы, к сожалению, появляются те, кто пытается переписать, исказить историю, Мы не должны допустить этого. Мы все должны помнить объективную историю, быть достойными славы и героизма своих отцов и предков, наших героев. А это значит, мы с вами обязаны сохранить, уберечь, завоеванный для нас мир.

Мы склоняем головы перед святой памятью погибших, не вернувшихся с войны, навеки оставшихся на полях сражений. Мы гордимся тем, что наши земляки были в рядах войск, отбросивших оккупантов от стен г. Москвы, одолевших врага и уничтоживших фашизм.

Всестороннее изучение истории Великой Отечественной войны, широкая пропаганда победы советского народа над ударными силами коричневой чумы, раскрытие вклада кыргызского народа и кыргызских воинов в разгром фашистских агрессоров, представляет собой актуальную проблему, имеет огромное воспитательное значение и служит благородным целям борьбы за предотвращение новой мировой войны, за прочный мир и социальный прогресс на нашей планете.



## ВОИНЫ-КЫРГЫЗСТАНЦЫ НА ПОЛЯХ ПЕРВЫХ СРАЖЕНИЙ.

Фашистская Германия, развязав в 1939 г. вторую мировую войну, захватила ряд стран Европы: Австрию, Чехословакию, Польшу, Францию, Бельгию, Голландию, Данию, Норвегию, Югославию, Грецию. В результате экономическое положение и военная мощь Германии возросли ещё больше. *В стремлении к мировому господству* 22 июня 1941 г. *фашистская Германия* напала на СССР. По плану “Барбаросса” фашисты намеревались за несколько недель разгромить Советский Союз и до зимы 1941 г. полностью захватить Европейскую часть СССР. В Советскую страну вторглась огромная, отлично оснащённая армия, состоящая из 190 дивизий, насчитывающих 5,5 млн. человек. Вместе с Германией против СССР воевали Италия, Финляндия, Румыния, Венгрия, Испания.

Вероломное нападение немецко-фашистских захватчиков нарушило мирную жизнь советского народа, ввергло его в неисчислимые беды и испытания. Так началась Великая Отечественная война *за свободу и независимость социалистического Отечества.*

